9
Төкмө Баян: «Өзүбүз айтыш уюштурмай болдук»



14
Аалымга суроо: «Өөп кетишти. Никем бузулдубу?»



# САРЕСЕП

3-декабрь, 2015-жыл
№29 (29)
saresep.kg
Калыс көз караш!



Инвестор курулуштун негизги кыймылдаткычы

5-бетте



Шаарга келдим, кайда барам?

6-бетте



Обменкалар өткөн чактын ишканасы

7-бетте

# К.Маликов: «Кыргызстанда террорчулардын желеси бар»




3-бетте





## Долларды 79 сомго Финанс Кредит Банк чыгарган

Акыркы эки жума ичинде 1 АКШ доллары 79 сомго чейин жетти. Бул тууралуу 1-декабрда Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов журналисттер үчүн маалымат жыйынында билдирди.

"Бул жерде «Финанс Кредит Банк КАБ» ААКсынын казына директору жөнгө салынган жол-жобону бузуп, АКШ долларынын сатуу курсун 78 сом чегинде белгилеген. Аталган банктын жана анын кызмат адамдарынын ишине карата жүргүзүлгөн текшерүүлөр боюнча алынган материалдардын негизинде тиешелүү чаралар көрүлүп, банктын казына директорун алмаштыруу жана ачык валюта позициясына кыйла таасирдүү ченемди киргизүү талабы коюлду" деди ал.

Улуттук банк доллардын курсун атайылап 79 сомго чыгарганы үчүн "Финанс кредит банктын" башкы казыначысына эскертүү берди. Ошондой эле аны жумуштан алууну сунуштоодо.



Сүрөт ▸ Sputnik.kg

## Коргоо министрлерине айып тагылууда

Мурдагы коргоо министри Таалайбек Өмүралиевге карата "кызмат абалынан кыянат пайдалануу", "ишенип берилген мүлктү өзүнө ыйгарып алуу" жана "кызматтык жасалмалуулук" беренелери боюнча кылмыш иши ачылды. Башкы прокуратуранын маалыматында, Өмүралиев министр болуп турган 2013-жылы 5 млн. сомду "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканасына мыйзамсыз которгон. Учурда бул факт боюнча тергөө иштери улантылып жатат. Прокуратура экс-министрден башка мекеменин бир катар кызматкерлерине да айып такты.

Буга чейин УКМКнын Коррупцияга каршы кызматы Аскер прокуратурасы менен бирге Өмүралиевдин ордуна келген министр Абибилла Кудайбердиевге, анын орун басарына, министрликтин каржы башкармасына жана "Аскер курулуш" мамлекеттик ишканасынын жетекчиси Кубаныч Калхожоеве да "кызмат абалынан кыянат пайдалануу", "кызматтык жасалмалуулук" жана "ишенип берилген мүлктү өзүнө ыйгарып алуу" фактылары боюнча кылмыш ишин козгоп, министр баштаган кызмат адамдары 12 млн. сомду кымырып алганын жар салган. Президент Кудайбердиевге иш козголору менен аны иштен алган.

# Т.Акун: "Телтаевдин өлүмү боюнча эч ким жаза албайт. Унутулуп калат"



Сүрөт ▸ Azattyk

Борбордук Азия мамлекеттеринин адам укуктары боюнча конгрессинин координатору Турсунбек Акун: "Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында (ЖАМК) көп жылдан бери башаламандык уланууда. Бул көйгөйгө концепция иштелип чыгып, ишти түп тамырынан оңдошубуз керек. Акыйкатчы, укук коргоочу катары ушул маселелерди айтып келем. Шейшенбек Байзаков келгенде бир топ реформалар кылына баштаган эле. Аны дагы кызматтан кетиришти. Иш аягына чыкпай канчалаган адамдар асылып, канчасы өлтүрүлүп, атылып кетүүдө. Бул жакшылыкка алып келбейт.

№50 абактын мурунку жетекчиси Телтаевдин өлүмү көптөгөн суроолорду жаратты. Бирөөлөрдү күнөөлүү деп айтыш кыйын. Телтаев боюнча комиссия түзүү керек. Комиссия күнөөлүнү аныктап аны жумуштан алып, иш козгош керек. Бизде эч ким жаза албайт. Баары унутулуп калат. Кыскача айтканда, тартип жок. Мыйзамды аткарып жана тартипти күчөтүш керек. ЖАМКнын жетекчилерин 6 ай сайын алмаштырышууда. Учурда Алик Мамыркулов иштөөдө. Ага чейинки жетекчи жакшы иштеп жаткан. Ал да жумуштан алынды. Ушинтип эле кадрды алмаштыра бербей, эң аз дегенде 5 жыл иштетиш керек".

Акыркы маалымат боюнча №50 абактын мурунку жетекчиси маркум Иманкул Телтаевдин агасы Камчыбек Абельдиев : "Дүйшөмбү күнү Башкы прокуратура инимдин материалдарын таанышууга алды. Бирок, бул ишти өз карамагына алышабы же алышпайбы азырынча белгисиз. Соттук медициналык экспертизанын толук жыйынтыгы 1 айдан кийин чыгарын да айтышты".

# Кыргызстанда айрым азык-түлүк кымбаттоодо



Соңку айларда өлкөдө кумшекер менен зыгыр майдын баасы көтөрүлгөнү тууралуу Экономика министрлиги, Стратегиялык иликтөөлөр институту жана БУУнун дүйнөлүк азык-түлүк программасы биргелешип даярдаган баяндамада айтылды.

Документте октябрда негизги азыктардын чекене баасы бир калыпта сакталганы менен, сабиз, алма, картөшкө арзандаганы айтылып, быйыл түшүмдүүлүктүн мол болгону себеп катары көрсөтүлгөн.

Ал эми кумшекер менен майдын баасынын жогорулашына доллардын курсу, дүйнөлүк базардагы абал таасир эткен.

Аймактардын арасынан октябрда Кара-Балта, Каракол, Жалал-Абад шаарларында сүт, жумуртка, картөшкө жана май кымбаттап, Нарын, Токмок, Ошто эт, жашылча-жемиштер төмөн баада сатылган.

# Ортопедиялык буюмдарды бекер беребиз



3-декабрь Эл аралык майыптар күнүнө карата "Кайнар" ресторанында атайын иш-чара өткөзүлүп, майыптар маселеси көтөрүлдү. Бул иш-чарада майыптар коомдорунун жетекчилери ардак грамота жана белектер менен сыйланышты.

Социалдык өнүктүрүү министри Кудайберген Базарбаев: "3-декабрь Эл аралык майыптар күнүнө карата өлкөбүздө майыптуулук маселесин көтөрүүдөбүз. Учурда мүмкүнчүлүгү чектелген 168 миң жаран бар. Анын ичинен 27 миңи 18 жашка чыга элек жарандар. Бүгүнкү күндө майыптар 1000-3000 миң сомго чейин жөлөк пул алат. Андан тышкары биз 1 жылдын ичинде ортопедиялык буюмдарды бекер беребиз. Реабилитациялык борбордо 15 миңге чейин ортопедиялык буюмдарды бекер жасатабыз. Мисалы мурун жарандарыбыз айлап, жылдап коляска күтүшчү. Биз бул көйгөйдү чечтик. Бүгүнкү күндө колясkалар жетиштүү. Майыптан кайрылуу түшсө, бир айдын ичинде ала алат. Майыптар үчүн 6 интернат жана 2 борбор бар. Мурун бул жайларда майыптарга бир күндүк тамакка 55 сом бөлүнсө, азыр аны 110 сомго көтөрдүк. Ал эми бир күндүк дарынын нормасы 6 сом болсо, азыр 12 сомду түзөт".

Мындан сырткары, иш-чарада «Кыргызстандагы майыптар Ассоциясынын» президенти Асипа Мусаева, Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын жетекчиси жана координатору Аванесев Александр Николаевичтер сөз сүйлөп, "Майыптардын сот адилеттүүлүгүнө жетүү" программасына, жаңы курулуп жаткан имараттарга орнотулуучу пандустарга жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды жумушка орноштуруу маселесине токтолушту.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6300**
**Буйрутма № 3200**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кадыр Маликов: «Мусулмандар бири-бирин каапыр дебесин»

Белгилүү коомдук жана диний ишмер Кадыр Маликов бейтапканадан берген маегинде ага кол салуунун жагдайлары жана динчил канкорлор менен кандай күрөшүү керектиги тууралуу кеп салды

**– Кылмышкерлер сизге кол салууга даярдык көрүшкөн сыяктуу...**

– Ооба, алар катуу даярданышыптыр. Буга чейин да алардын аракеттери билинген. Мен Бишкекте Ирак жана Шам Ислам Мамлекети делген топтун бир эле уюму бар го деп ойлогом. Жайында Рамазан айында мени аңдышкан болчу. Орозо айттын алдында Бишкектин Горький көчөсүндө алар жок кылынган соң, анча камтама болбой калгам. Учурда Кыргызстанда ИШИМди жактаган чакан топтордон турган желе бар. Бул топтордун бири-бири менен байланышы жок. Ар бири өзүнчө сырттан башкарылат. Алар буйрутма менен тиешелүү адамдарды аң уулагандай аңдып жүрүшөт.

**– Булар Сауд Аравияда расмий багыт катары таанылган салафияны жактагандарбы?**

– Жок. Булар салафиядан чыккан, аларды биринчи душман катары көргөн өзүнчө топ. ИШИМдегилер өздөрүн салафитмин деп эсептешет. Бирок салафия ишенимдегилер (абалкы мусулманчылыкты кармангандарбыз дегендер – ред.) аларды каапыр дешет.

**– Салафмын дегендердин арасында ИШИМди жактагандар канча пайыз?**

– Так айтуу кыйын. Кээ бир такталбаган маалыматтар боюнча Бишкекте эле ИШИМдин 17 тобу бар дешет. Мени менен болгон окуяны, албетте кудайдан деп билем. Мамлекет бул көйгөйдү көңүлдүн чордонуна койсун деген ишарат бул. Мени эң биринчилерден болуп азирети муфтий зыярат кылды. Анан Чубак ажы Жалилов, Абдышүкүр Нарматов агай келип кетишти. Мен аларга бардык мусулман аалымдары менен алардын аркасында турган жактоочулары биригишибиз керек дедим. Муфтият ИШИМ боюнча так пикирин жарыя кылуусу керек.

**– Өкүнүчтүүсү муфтият азыркыга чейин Орусияда террорчул деп таанылган бул топ боюнча оюн билдире элек.**

– Мусулмандардын Уламалар кеңеши бардык жамааттарды жыйнаса жакшы болот. Салафия багытындагылардын орток пикирге келе алчуларын да чакыруу керек. Ал курултайда майда-чүйдө маселелер тууралуу талашып-тартыша бербей биригүүсү керек. Мен зыяратка келгендердин баарына «Жок дегенде ушул маселеде бир пикирде бололу» десем, макул болуп атышат. Ал чогулушта пикирлерин коркпой айтуулары үчүн мамлекеттен диний аалымдарды коргоого алуусун суранышыбыз керек. Эң негизгиси, ал жерде мусулмандар бири-бирин каапыр дебеши керектигин макулдашуу зарыл. «Ооба, бизде матрудилик ишеним, силердики тахавия боло берсин», – деп, бул айырмачылыктар каапырлык эмес экенине биригишибиз зарыл. Аалымдар өздөрү да, алардын шакирттери да каапыр деген сөздү колдонбосун.

**– Сизге кол салгандар учакка билетти алдын-ала камдап алышкан окшойт.**

– Ооба, алар мени жок кылып туруп, Алматы аркылуу Түркияга учмакчы болушкан. Аларды кечээ Газиантеп деген шаардын автовокзалынан, Сирияга аттанып жаткан жеринен кармашты. Ал жер чек арадан 60, Алеппо шаарынан болсо 100 эле чакырым аралыкта.

**– Алар адамдар жүргөн жерден кантип кол салууга батынышты?**

– Мен мурун айтканымдай эле машинамды Асанбай кичи районундагы «Народныйдын» жанындагы унаа жайына койгом. Алар өздөрүнүн унаасы менен меникин тосуп салышыптыр. Мен алардан машиналарын алып коюуну сурандым. Ичинде отурган бала айдоочу жоктугун айтып, «Сиз айдай алсаңыз өзүңүз жылдырып койбойсузбу, сураныч, мен айдай албайм» деп атпайбы. Мен макул болуп, айдоочунун ордуна отуруп, колумду рулга койгондо жашынып турган айдоочу чоочун бирөө кейиптенип мен тараптагы эшикти тосту. Бетине медициналык маска тагып алыптыр. Ошентип экөөнүн ортосунда калдым. Маска тагынганы «Байке, сиздин машинеде чылым тутандыргыч барбы?», – деди. Мен «Бул менин унаам эмес, ордунан эле жылдырып атам» дегиче эле ал электрошокер менен моюнга, көз тарапка урдура баштады. Мен жанталаша коргонуп, катуу каршылык кылып баштаганда 20–25 сантиметрлик бычак менен моюнду көздөй сайгылап башташты. Кудай жалгап, курткамдын жакасы тик болгондуктан алардын соккусу моюнга жетпей калды эле, алар бет талаштыра сайгылап киришти. Бир заматта бетке төрт жолу бычак уруп жибергенге үлгүрүштү. Алар үндөрүн бир аз чыгарып «Аллах акбар, муртад (динбезер – ред.)» деп башташканда, мен да болгон үнүм менен «Аллах акбар» деп кыйкырып баштадым. Болгон күчүмдү жыйнап, машинадан жулунуп чыгып, кичи базар тарапка жүгүрдүм. Ошондо бирөөсү уялбай: «Байке, сизге эмне болду? Жай эле сүйлөшүп алалы дебедик беле», – деп аркаман бир нече метр жүгүрүп келип калып калды. Адамдар башында эмне болуп жатканын деле түшүнүшкөн жок. Анан кичи базардын жанына алсырап жыгылып калдым. Кудай жалгап бычак моюндагы күрөө тамырга бир эли жетпей калган.

**– Биздин балдар кантип ушундай мыкаачыга айланды?**

– Биз аябай кеч калыппыз. Мусулмандардын арасында ээн баштык артып баратат. ИШИМге байланып калгандарды урушкандан пайда жок. Алардын пикирине сугарылып калгандан кийин баары бир бизди укпайт. Мамлекет жана коомчулук калган жаштардын динге болгон кызыгуусун канааттандыруусу керек. Биз убактыбызды бош эле өткөрүп жибериппиз. Жаштардын арасында абройлуу диний лидерлер жетишсиз болуп турат. Күн-түн дебей жаштарыбыз үчүн радикалдар менен күрөшүүбүз керек.



Сүрөт ▸ Насаат Медиа

**– ИШИМчилер интернетте көбүрөөк иштеп жатышабы же мечиттердеби?**

– Бардык жерде ыкчам иштеп жатышат. Тааныштар аркылуу, интернет аркылуу. Деги эле билинип калбаш үчүн мечиттин ичинде эмес, сыртында туруп иштешүүдө. Бириндеген кишилерге аста-астадан аракет кылып жатышат.

**– Алар кайсыл кайрылуууңуздан улам сизди бута кылып алышты?**

– ИШИМчилер борборубуз деп эсептеген Сириянын Ракка шаарынан кабар күтүшөт. Быйылкы жайдын башында мени менен Казахстандагы бир адамга өлүм өкүмү берилген. Менин билишимче, казакстандык Ринат Греческий деген салафия багытынын аалымына «кандай болбосун жок кылынсын» деген буйрук болгон. Эгер биринчи топ бул буйрукту ишке ашыра албай калса, анда башкасы аракет кылып баштайт.

**– Эми сизди милиция кайтармай болдубу?**

– Мен суранып атам. Керектүү жерлерге жанымда дайыма бирөө жүрсүн деп кат жолдойм го. Жеке кайтаруу агенттиктердин кызматы кымбат. Таанышым бар, балким арзаныраак сүйлөшүп берет.

**– Маегиңиз үчүн рахмат. Эртерээк сакайып кетиңиз.**

*Коомчулукка маалым болгондой, ИШИМдин террордук аракеттери эң биринчи кезекте маалымат айдыңында эң жогорку натыйжа бергендей кылып пландалат. Кыргызстанда гана эмес КМШ өлкөлөрүнүн баарына таанымал орус тилдүү аалым бул жолу бекеринен тандалган эмес чыгар. Россиянын президенти Владимир Путин айткандай «ислам аалымдары террорчулук менен салгылашуунун алдыңкы катарында жана алар эң чоң жоготууларга учурап келет». Кудай жалгап Кадыр Маликов канкорлордун колунан кутулуп кетти. Мамлекет ИШИМчилерге ачык каршы чыгып жаткан аалымдарды милиция жетишпесе да, жеке жан сакчыларга акча төлөп коргоосу керек. Мусулмандар болсо тез арада биригип, өкмөтүбүздү колдоого алып, өлкөбүзгө жардамдашуусу зарыл. Борборунан исламга ачык каршы сүйлөгөндөрдү эмес Кыргызстандын эң күчтүү орус тилдүү аалымын жок кылуу буйругу келгенине караганда, Обама, Путин сыяктуу дүйнө лидерлери айткандай ИШИМди жетектегендер мусулман деле эмес окшойт.*

Маектешкен ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

## К.Маликовго кол салууга шектелгендердин баары кармалды

ИИМ, УКМК жана Түркия полициясы биргелешип дин таанууучу Кадыр Маликовго кол салгандарды жана ага жардам бергендерди кармады.


Бул окуя боюнча милициянын 10-башкармалыгынын башчысы Сталбек Рахманов кылмышкерлердин аракеттерин төмөнкүчө маалымдады:

– Ыкчам маалыматтар боюнча, кылмышты эки адам ишке ашырып, экөө ага жардам беришкен. Жардам бергендердин үйлөрүнөн диний адабият, кыргызстандык жана чет өлкөлүк уюлдук операторлордун сим-карталары, бычак жана октор табылган. Алар кылмышка олуттуу даярданышкан. Электрондук учак билеттерин алдын ала алышкан. Окуядан кийин кечки ондо Казакстанга өтүшкөн. Андан ары Алматы шаарына барып, анан Стамбулга учуп кетишкен. Ошондон кийин Интерпол ишке кирген.


Интерполдун жергиликтүү өкүлү Таалайбек Сарымсаков болсо бул тууралуу мындай маалымат берди:

– Бизде 2009-жылы ратификацияланган эл аралык кылмыштуулук жардам боюнча келишим бар. Издөөдөгүлөр ошонун негизинде кармалды. Учурда аларды алып келүү иштери жүрүүдө. 29-ноябрда атайын ыкчам топ экстрадицияны ишке ашыруу үчүн кетишти.

### КЫЛМЫШКА ШЕКТЕЛИП, КАРМАЛГАНДАР:



**Тилек уулу Алибек**
Нарын шаарынын тургуну, 1987-жылы туулган



**Ырыскул Бейшеналиев**
Ош облусунун Ноокат районунун тургуну, 1986-жылы туулган

# Асманда толо жылдыз бар, көбөйө берсин кыргыздар

Чейрек кылымдын ичинде 5 миллиондук элибиздин 6 миллионго жеткени - мүлдө кыргыздын улут катары жоголуп кетпей, өсүп-өнүгүүсүнө үмүт берип, канат байлап койгондой сезимге тушуктурду



ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

### Жашоо мыйзамы

Урматтуу окурманым, кандайдыр бир себептерден улам, көкүрөгүң кубанычка толуп, ичиң-ичиңе батпай, натыйжалуу бир ишке сыймыктанган учуруң болду беле? Ооба, мындай жагымдуу сезим көпчүлүгүбүздүн жан дүйнөбүздөн өтсө керек. Сыймыктануу – сезимдердин эң бийиги, эң жогоркусу, жасаган мээнетиңдин мөмөлүү натыйжасы десек болгудай. Карама-каршылыгы көп, этикалык категориялардан турган адамдын турмушу ар кыл болот эмеспи.

Жер үстүндө миллиарддаган адамдардын тирилик көйгөйү окшош болгону менен ар биринин өз дүйнөсү, өз чындыгы, жеке турмушу бар экенинин тана албайсың. Адам өмүр сапарында кайсы бир тармакта, же чөйрөдө ийгиликке жетишип, белгилүү бир тоскоолдукту багындыра алса, кылган ишинен канаат алып, жүрөгүң толкуткан сезим анын жан дүйнөсүн ээлеп, жаңы бийиктиктерге, жаңы максаттарга шыктандырат эмеспи. Кыргызда: "Турмушуң эшек араба, түулдуң калдың балаага" деген кеп бар. Бул лакапта турмуштун татаалдыгы тууралуу, өмүрүң өткүчө жашоонун кыйынчылыктары менен күрөшүп жүрүп өтө тургандыгың айтылган. Өмүрүң бир учурда бакытка толгон шаң менен шөкөттөлсө, бир учурда жакынынан айрыган кайгы менен коштолот. Жашоонун мыйзамы, диалектикасы ушундай экен.

### Жолборс алганына эмес, чалганына сүйүнөт

Тирүүлүктө адам баласы жашоодогу максатын аныктап албаса, эмне үчүн жашап, эмне үчүн аракет кылып жаткандыгын түшүнүп албаса, ал адам көрпенделик ойлонуунун алкагынан чыга албайт. Алдына бийик, түбөлүктүү максат коюп, Жаратуучунун арзуусуна ээ болгон адам гана эки дүйнөдө бактылуу боло алат. Чынында, ушундай адамдын гана жан дүйнөсүн сыймыктуу сезим аралайт деп ойлоп кетесиң.

Элибизде кээ бир адамдарды кудайдын сүйгөн пендеси деп коюшат. Албетте, ар бир адамдын сыймыктана турган себеби болот. "Жолборс алганына эмес, чалганына сүйүнөт" дейт. Кээ бир адамдар кара курсагын тойгузганга сүйүнсө, кээ бир адамдар адамзаттык деңгээлдеги маселе чечкенине сүйүнөт. Канткен күндө да беш кол тең эмес. Үй-бүлөң жакшы болсо, балдарың жакшы чыкса, элиң башка элдерден калышпай экономикалык жактан өнүгүп, саны көбөйүп, бакубаттуулугу артып баратканын көрүү – бакыт, сыймык эмеспи.

Мамлекетибиз экономикалык жактан каржалса да, калкыбыздын санынын арбып бараткандыгы көңүл көтөрөт. Кечээ жакында Кыргызстанда 6 миллионунчу кыргыздын жарыкка келгени чынында сүйүнүчтүү да, сыймыктуу да иш болду. Өсө турган эл көбөйүшү керек. Кыргыздар: "Үч уулу бар адамдын үч өзөн толо малы бар, төрт уулу бар адамдын төрт өзөн толо малы бар, эки уулу бар адамдын эптеп-септеп жаны бар" деп илгери эле улуттун өсүшүн камсыз кылыш үчүн бир үй-бүлөдө жок дегенде үч баланын төрөлүү зарылчылыгынын формуласын эсептеп коюшкан экен, жарыктыктар.

### "Менин байлыгым бир жуттук"

Элдик эпос "Карагул ботомдо" мындай жерлер бар. "Бир уулу доодон өлүп, бир уулу жоодон өлгөн" соң, кенже уулу Карагулду "тукумумду улай турган жалгызым" деп жанына медер тутуп, элден безип, улуу тоонун койнуна кире качкан Тумаш акыры өз баласын чаарчык го деп атып алып, күйүткө учурап жатпайбы. Уч уулдуу болсо да, ички жана сырткы факторлордун кесепетинен анын тукуму соолуду. Бул жерден адамдын жеке тагдырынан коомдук, тарбиялык мааниси бар сабакты сууруп чыгууга болот.

19-кылымда көл башында "сан жылкылуу Сарыбай" деген адам болгонун уккан чыгарсыздар. Анын жылкысы ушунчалык көп болгондуктан, жылкычылары Түптүн суусуна сугарып жатканда өзөн кадимкидей тартыла түшчү эле деп айтышат. Натыйжада, эл-журт аны бай атап, көпчүлүгү андан соош алып жешчү экен. Күндөрдүн бир күндөрүндө кимдир бирөө Сарыбайга "сиз ушунчалык байсыз, ээ?" – деп кайрылып калат. Анда Сарыбай: "Мен бай эмесмин, тигил Ордобай бай. Анын он баласы бар. Мына байлык деген ошол. А менин байлыгым эмне? Чындап келсе бир жуттук", – деген экен кайран киши. Кийин ошол өзү айткандай эле, сан жылкысын үйрү-тобу менен 1916-жылдагы үркүндө орус жазалоочулары биринчи дүйнөлүк согуштун керектөөсүнө деп Оруссияга айдаттырып кетишти. Калың эл менен Кытайга качкан уулу Ысмайыл болсо атынын ээрин жонуна көтөрүп ашуу ашкандыгы тууралуу эл арасында айтылып калган. Жарыктык, жылкы баласы кийин Орусиядан Ала-Тоого чейин күндүзү бөгүп, түнкүсүн жол жүрүп качып келген учурлары болгон дешет. Ал эми Ордобайдын уулдары учурда көп эл, чоң журт болду. Көрсө Сарыбай карыя олуядай эле таамай айткан тура.

### "Бала деген артта калган из болот"

Кыргыз элинин макал-лакаптарын, учкул сөздөрүн, тарбиялык мааниси бар баяндарын угуп отуруп, "бу биздин ата-бабаларыбыз ушунчалык даанышман, турмуштук практикасы бай адамдар болгонбу?" деп ойлоп кетесиң. Кайсыл темага болбосун, кайсыл өңүттөгү сөз болбосун, макал-лакаптардын ылайыгы табылат.

Мисалы, ушул эле темага байланыштуу, "Байлык деген эрип кеткен муз болот, бийлик деген учуп кеткен куш болот, бала деген артта калган из болот" деген макалды байкап көрсөңүздөр. Эмне деген улуу сөздөр! Ташка тамга баскандай айтылганы калппы?! Балага салыштырмалуу мал-мүлктүн, байлык-бийликтин таптакыр болбогон нерсе экендигин түшүндүргөн калыс көз караштын туундусу жатпайбы мында. Бала деген – сен өлүп жок болсоң да артыңда атыңды алып жүрө турган, сенин сендигиңди жок кылып жибербей турган, материалдык жактан да, руханий жактан да сапарыңды, турмуштук эстафетаңды улай турган мураскоруң эмеспи.


Чейрек кылымдын ичинде 5 миллиондук элибиздин саны 6 миллионго жеткени – мүлдө кыргыздын улут катары жоголуп кетпей, өсүп-өнүгүүсүнө үмүт берип, канат байлап койгондой сезимге тушуктурду. Кудум, бүткүл дүйнөлүк саясаттын айлампасы кыргыз мамлекетин да өзүнүн шарына кошуп, чөгөрүп кеткиси келгендей. Манаста айтылгандай "жарды жүрүп байыган, жалгыз жүрүп көбөйгөн" элибизди ач көздөрдөн, сук колдордон Жараткан өзү колдосун!

# Сүймөнкулдун окуяларынан

Бала кезден моюндаш өскөн жакын досум бар. Эми ал жөнүндө сөз кылсаң, өзүнчө эле бүтпөс кеп. Анан калса өзү да сүйлөсө сөзү бүтпөгөн, иштесе жумуш түтпөгөн анык кыргыз мүнөз жигиттерден. Сапарга бирге чогуу аттанып калсаң, тим эле эриктирбеген эрмегин айт. Жаның кейип, жүрөгүң эзилип турганда сенден ашып кейиген боорукерлиги, адамдын дилин таап сүйлөшө билген сезимталдыгы кимдин болбосун сөөгүн агартпай койбос, чиркин. Кыскасы, мындай дос да өзүнчө табылгыс байлык болот тура.

Айтмакчы энеси да аны: "Балдарымдын ойлуусу да, бойлуусу да ушул", – деп бөтөнчө жакшы көрөт. Чынында эле ал тээ алыстан эле калдайып карааны көрүнгөндө, ой бир кумардан чыга тамашалашып, чер жазылат тура деп жетип-жетпей кудундай баштайсың. Бул жашоо да адамдын пейилине жараша болобу, айтор курбуларыбыздын ичинен эң эле байы да ушул. Кудай берген 6 баласы бар. Келинчегин үйүнө отургузуп коюп, кабагым-кашым дебей үй-бүлө башчысынын милдетин кыйшаюусуз аткарып келет. Кайсы маалда болбосун үйүнө барсаң, "баланын үйү Бапанын алачыгы" дегендей кут-береке төгүлгөн бапыраган көрүнүш. Ушул балдарын Кудай өзүнө кут кылсын. Ушундай достон Кудай айырбасын деп тилейсиң тымызын.

Эмесе бүгүнкү айтайын дегеним, ошол досумдун так эле өзүн тарткан уулу тууралуу болмокчу. "Санасам, баламдын айылга белгилүү 14-15тей жоругу жоругу бар", – деп жадырай отуруп кебин баштады досум. "Жайдын ысыгында балдарды көлдөгү ата-энеме жеткирип келгем. Ошол жылы "Чыңгызхан" деген кино кыргызчага которулуп, айылдык балдардын баары эле жаасын



керип, жебесин учтап эле баатырды туурап калган. Менин уулум да алардан кем калышпай чоң атасына жаа жасатып, ары-бери аткылап ойноп калбайбы. Бир күнү эле ал ошентип ойноп жүрсө баягы чоң атасы кошуналары менен "жүз грамдашып" келип тигиндейирээкке отуруп калыптыр. Ошондо кайран уулум анын тике маңдайына тура калып, жаасын болушунча керип туруп, чекеден нары атып калат. Дагы жакшы баланын огу эмеспи. Бирок, ошондо да учталган жебе атамдын чекесин сыйрып кетиптир. Эмне болгонун түшүнбөй калган атам чекесин басып эле бүк түшүп отуруп калат. А тиги тентек болсо безген бойдон чоң энесинин артына жашына калып "Эне, жакшы эле аттым эле, өлбөй калбадыбы, энеңдурайын" деп коёт дейт. Көрсө, ал чоң атасынын стакан кармап, арам суудан жутуп койгонуна наараазы болуп калган тура. Өзүнүн балалык аруу дүйнөсү менен аракка кылган каршылыгын билгизип жаткандагысы экен өркүнү өскүрдүн".

Даярдаган ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Инвестор курулуштун негизги кыймылдаткычы

**Экономикалык өнүгүүнүн бир ыптасын ордо калаабыздан орун алган курулуштар кайыша көтөрүп турат. Бишкекти 10 жылдан бери көрө электер борборго келип калса, андагы олуттуу өзгөрүүлөрдөн оозу ачылса керек. Эмесе бүгүн биз так ошол жаңы курулуп жаткан имараттардын сапаты менен коопсуздугун коё туруп, алардын баасына жана өлкөбүздөгү курулуш саясатына токтолууну чечтик**

Эл ичинде 2015-жыл жаңыргандан бери турак-жайдын баасы орто эсеп менен 30 пайызга арзандады деген кептер айтылууда. Бирок тескерисинче, курулуштун чарчы метри менен батирдин ижара баасы кымбаттагандай. Айтмакчы, 1 чарчы метри 600 доллардан жогору турган баа карапайым калктын капчыгына туура келбегендиги бештен белгилүү. Дал ошондон улам учурда турак-жайдын өтүмү да токтоп турса керек. Экинчиден, бизде курулуш компаниялары сатуу саясатын дайыма доллар менен жүргүзүп келет. Ал эми доллар болсо күндөн-күнгө баасы көтөрүлүп, жалпыга зыянын тийгизип жатканы анык.



### Артта калган алты жыл айламды кетирбесе болду

Маселен, Тилек аттуу жарандын Нарындан Бишкекке келгенине 20 жыл болду. Ал батирден батирге көчүп тажаганда көп кабаттуу үйлөрдүн биринен банк аркылуу ипотекалык насыяга батир алууну чечкен.

"Батирди 2012-жылы 10 жылдык мөөнөткө, 20 пайыздык үстөк менен алганбыз. Ал кезде доллар 47 сом болчу. 6 жылдан соң, насыянын мөөнөтү аяктайт. Бирок бүгүнкү доллардын өсүү темпин көрүп, алдыдагы алты жылды элестетүүдөн коркком. Себеби, доллар 1,7 эсеге көтөрүлгөнү менен менин кирешем ошол боюнча эле турат. Өзүм шаардагы жеке компаниялардын биринде иштейм. Бирок андагы айлыгым жеген-ичкенибизден артпай калчу. Кээде насыяны жабуу үчүн атайын карыз алган учурларым да көп болду. Антпесе белгилүү бир мөөнөттөн соң, насыяга акча берген банк үйдү тартып алууга акылуу. Себеби, мен ошол үйдүн өзүн күрөөгө коюу менен аталган банктан акча алгам да. Эми андан бери 4 жыл ичинде үй-бүлөм чоңоюп, чыгымыбыз дагы көбөйдү. Натыйжада, азыркы күнү башка каражат булагын табууга аракет кылып жатам. Менин жеке оюм боюнча, айлык акы жана Кыргызстандагы кыймылдын басымдуу бөлүгү сом менен жүргүзүлгөндүктөн, насыя дагы сом менен берилсе болмок. Ошондо бизге да төлөнгөнгө ыңгайлуу болот эле. Болбосо, өлкөбүздө доллар менен айлык акы алгандарды деле жолуктура элекмин."



### Орток валютаны сомго айландырса болобу?

Мамлекет курулуш компанияларга жер тилкесин сом менен берет. Ошондой эле негизги курулуш жабдыктары, маселен кум, топурак, цемент, сыяктуу нерселер да Кыргызстандан чыккандыктан, сом менен эле алынары белгилүү. Бирок, экономисттердин айтымында Кыргызстанда жыгач менен металл өндүрүлбөйт. Эми турак-жайдын баасы ушул жабдыктар аркылуу кармалып турат го дейин десең, жыгач менен металлды Орусиядан рубль менен сатып алса болорун айгинелеп жатат. Бүгүнкү күнү сомдун куну рубль менен тең тайлашып турган чагы.

Анткени менен айрым курулуш ишинде адистешип бүткөндөр курулуш компанияларынын чыгымдары сом менен жүргүзүлүүдө деген ойго кошулбайт. Анткени айрым компаниялар курулуш башталганда эле ишин доллар менен жүргүзүп баштаган. **"Вавилон" ЖЧК курулуш компаниясынын директору Саламат Кадыралиевдин** айтуусунда учурда жүрүп жаткан курулуш иштери аягына чыгып, чыгымдарын жаап бүткөндө гана жаңы иш баштагандар аласа-бересени сом менен жүргүзүшсө болот экен.

Ал: "Курулуш иши бир гана цемент, топурак, жыгач менен чектелип калбайт. Заманбап үйлөр заманбап курулуш материалдарын талап кылат. Маселен лифт, пластикалык айнек эшик жана башка майда курулуш каражаттары Кыргызстанда тургай Орусияда да жок. Алардын сапаттуулары маселен Түркиядан, же дагы башка мамлекеттерден чыгат. Бул бир. Экинчиси – ошол учурда жерди мамлекеттен доллар менен алган компаниялар да бар. Кээ бир курулуш компаниялары банктардан доллар менен карызга акча алып алышкан. Андан кийин кардарлар менен түзүлгөн келишим дагы доллар менен түзүлөт. Эми ушунун баарына көз жумуп туруп дароо сомго өтсөк, көптөгөн курулуш компаниялар банкрото учурап, натыйжада ипотекага алган кардарлар да жабыр тартып калышы мүмкүн. Деги бул жерде чоң баш аламандык жаралуу ыктымалы бар. Андыктан, азыркы курулуш иштеринин баары аягына чыгып, үйлөр менен имараттар мурунку келишим боюнча сатылып бүткөндө гана кийинки курулуш саясатын сомго которуп, сатууну дагы сом менен жүргүзсө болот", – деп сөзүн жыйынтыктады.



### Компаниянын ийгилиги инвестордон көз каранды

Соңку 1 жылдын ичинде каатчылыкка кабылган 6 компания экономика министрлигинин каттоосунда турат. Банкрото кабылган компаниялар мындай учурда эч кандай курулуш иштерин жүргүзбөй турганы анык. Ошондуктан бул кабар турак жай алуу үчүн ай сайын акча төлөп жаткан жарандарды терең ойго салууда. Анткени кардарлардан үй акысынын бир канча бөлүгүн алдын-ала алып, ошол чогулган капитал менен курулуш иштерин жүргүзгөн компаниялар дагы арбын. Андыктан адистер батир алуудан мурун ошол компаниянын мүмкүнчүлүгүн, тарыхын жана буга чейинки иш тажрыймалы менен таанышып алганы оң дешет. **Курулуш жаатындагы эксперт Максат Ашырбековдун** пикиринде мындай узун тарыхы бар компаниялар өлкөдө саналуу гана.

Максат Ашырбеков: "Бул иштеп жаткан компаниянын өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. Учурда көпчүлүк компаниялар жарандар менен биргеликте иш алып барат. Маселен, жарандар батирдин кунунун бир бөлүгүн компанияга дароо төлөп беришет. Анын негизинде контракт түзүлүп, курулуш компаниясы өз ишин баштайт. Ошондуктан акчаны курулай жоготуп алуудан сактануу үчүн батир, же бир имарат сатып алуудан мурун ошол компаниялардын иш таржымалы менен таанышуу керек. Ал тургай мындай учурда адистерден кеңеш алып койсо дагы артыкча болбойт. Кыргызстандагы курулуш бизнесине, алардын жетекчилерине көз чаптыра келсек, көбүнчөсү өз кесиби менен алектенбегендер экени байкалат. Анткени, Кыргызстандагы бизнес башкача нук менен жүрөт. Кайсы тармакта акча көп болсо, ишкерлерибиз ошол тармакка агылып кете берет. Курулуш, же башка компаниялардын ийгилигин анын инвестору менен байланыштырсак болот. Анткени бардык нерсе инвестордон көз каранды. Курулуш компаниясы жөн гана куруучу болсо, инвестор курулуштун негизги кыймылдаткычы болуп саналат", – деп оюн билдирди.

### Батирди сомго сатыш керек

**Улуттук Банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов** өлкө ичиндеги соода операциялардын бардык түрү сом менен жүргүзүү туурасында тиешелүү мыйзам бар, бирок ал иштебей келет деген пикирин билдирди. Жана дагы ал кыймылсыз мүлктү сатуу же сатып алууну улуттук валютада жүргүзүү боюнча катаал чаралар жетишпей жатканын айтууда.

– Азыр бардык маалымдоо булактардан түрдүү нерселерди сатуу боюнча жарнамалар берилип жатат. Мисалы, "батирдин 1чарчы метрин 600, 700 доллар же унаанын баасы 5000 доллар" деген өңдөгү. Чындыгында бул туура эмес. Анткени биз Кыргызстанда жашап жаткандан кийин бардык соода-сатык сом менен жүргүзүлүшү керек. Мисалы ошол эле батирдин баасын сомго айландырып жарнама сом менен кетсе, бул дагы улуттук валютанын кунунун туруктуу болуусуна көмөк болмок. Бул боюнча мыйзам кабыл алынганы менен аны аткаруу механизмдери жана административдик чаралары жок.

### Акчаңызды сактап калуу үчүн бүткөн үйдөн батир алыңыз

Натыйжада бир компаниянын банкрото учураганынан улам, айлап-жылдап чогулткан акчаңызды жоготуп алуудан алыс болуу үчүн, курулушу аяктаган, жадагалса, ачкычына чейин бүткөрүлгөн батирди алган туура болчудай. Ал эми арзан турак жай маселесин эл өкүлдөрү шайлоо учурунда гана көтөрүп калышаары көпчүлүккө жаңылык деле болбосо керек. Анан калса, борбор калаабызда социалдык турак жайга орун деле калбай калгансыйт. Шаардын четинен тартып чок ортосуна чейин жеке курулуш компаниялары эчак эле ээлеп алган. Айрым депутаттардын сызга отурган компаниялардын бүтпөй калган курулушун сатып алып, мамлекет ипотекага берем деген каражатты элди арзаныраак социалдык турак жай менен камсыздоого багыттасак деген сунуштары орундуу болуп тургандай.



АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



# Шаарга келдим, кайда барам?

Автобекеттен жаңы түшүп, колундагы түйүнчөктөрү менен кайда барарын билбеген айыл тургундары үчүн шаардан батир табуу бир топ көйгөйлөрдү жаратып келет

Батир маселеси кимдин гана башынан өткөн жок. Шаарда жашагандар чыныгы үйдүн баркын батирден-батирге көчүп жүрүп түшүнсө, жумуш издеппи, же кандайдыр бир башка себептер мененби, айтор борборго келген тургундар үчүн кайда жашайм деген суроо биринчи турат. Ошондой эле убактылуу баш калкалар жай табылганы менен ал жерде туруктуу жашоо мүмкүн болбогондуктан, батирде тургандар качан болбосун жүктөрүн сүйрөп көчүп-конуп жүргөнүн көрөсүң.

## Үңкүр да болсо, үйүм бар

Шаарга келгени 4 жылдан бери батирлеп жүрөм деген Жаныбек мырза төмөнкүлөргө токтолду. “Өзүм Аксыдан болом. Айылда жумуш жок, бала-бакыраны багыш керек болгондуктан келинчегим экөөбүз балдарыбызды ата-энеме таштап, бул жакка келгенбиз. Тууган-урукка жаман көрүнүп тыгылбай эле коёлу деп жаңы конуштардын бирине батирге чыктык. Өзү бир бөлмөлүү, аркы-беркисинин баары тышта жайгашкан батирде кыш күндөрү жашоо кыйын. Катуу кыйналганда өз үйүбүзгө эле кетип калсакпы деп да ойлойбуз. Бирок айла жок. Тапкан-ташыганыбыздын жарымы эле светке, сууга, таштандыга, жол-солго кетип калат.”

Жаныбек мырза жашаган үйдө жалпысынын 4 үй-бүлө турат. Үйлөр бөлмө-бөлмөгө бөлүнүп, атайын батирчилер үчүн салынган. Жашоочулардын баары кара жумушта иштеген карапайым калк.

"Батир берген кожоюндар үчүн акча негизги орунда турат. Жашаган жайды оңдоп-түзөө, шарт түзүп берүү деген каралган эмес" дейт ушул эле үйдө жашаган батирчи Нурбек мырза.

“Өзүм унаа жуучу жайда иштейм. Ижара акыны бөлүп төлөө үчүн бул жерде эки досум менен турам. Тапканыбыз өзүбүздөн араң ашат. Батир төлөмү дагы жылдан-жылга жогорулоодо. Бир аз иштеп алсам, кайра айылыма эле кетем. Баары бир өз үйүңө жетпейт. Мына жакында кыш келет. Бизде болсо кыштагыдай шарт жок. Кожоюнга бир нерсе деп айтсаң “жакпаса чыгып кет” деген сөз угасың. Ал эми кышында батир табуу кыйын. Бизди бат-бат келип карап турат. Жатаканада жашагандай эле болосуң. Саат ондон кийин эч кимди алып келбегиле дегендей. Бөлмөбүздү меш менен жылытабыз. Электр жылыткычтарын колдонууга болбойт. Кымбат батирге чыгайын десең акчаң жетпейт”, – дейт.



## Батир таап берчү кыйындар көп

Батир берген адамдар, же болбосо батир менен иштеген кыймылсыз мүлк агенттиктердин саны учурда өтө арбын. Булар үчүн батир маселеси өзүнчө бизнеске айланган. Эгер батир табалбай жатсаң айтылуу агенттиктерге кайрылууга мажбур болосуң. Ал жерде алгач комиссиондук акы төлөп анан гана кандай батир керек экенин айтасың. Бирок, сызга отургузуп кетчү агенттиктер көп болгондуктан кимисине ишенээриңди билбейсиң. Мисалга алсак, алар таап берген батирлердин көбү берилип кеткен болот. Же берген номери жооп бербейт. Айтылган дарекке барсаң, кожоюну менин шарттарыма туура келбейсиң, мага кандай батирчи керек экенин агенттикке айтпадым беле деген сыяктуу жоопторду аласың.

Абалды өзүбүз байкап көрүү үчүн шаарда жайгашкан кыймылсыз мүлк агенттиктердин бирине чалып “мага бардык мүмкүнчүлүктөрү менен батир керек эле” дегенибизде, бизге төмөнкүдөй шарттарды айтышты:

- Алгач, кызмат акыга 500 сом,
- Өз алдынча издейм десең, батир берүүчүлөрдүн ар бир номерине 400 сом,
- Силер таап бергиле десең, издөө кызматы 1000 сомдон жогору,
- Кокус ойдогудай батир табылбаса, төлөмүң кайтарылып берилбейт.

Батир берүүчүлөр гезит, интернеттерге дагы жарыя беришет. Берилип жаткан үйдү сүрөткө тартып, бардык шарттары бар деп жайгаштырышат. Бирок, айрымдарына барып “жарыяда айтылгандар кана” десең, “ал жарнама эле болчу” деп кутулушат.

Ош базарынын радио түйүндөрүнүн биринде иштеген Калперизат айым батир берүүчүлөр көбүнчө үй-бүлөсү, жаш балдары жок адамдарды издешээрин айтат. “Бизде бир жарыяны жайгаштыруу 500 сомдон жогору. Батир бергендерге караганда издеп келгендер көп. Бизге кабат үйлөрдөгү бардык шарты бар батирлерди берүүчүлөр эмес, жаңы конуштардагы жер үйлөрдөн батир бергендер көп кайрылат. Батир берүүчүлөр талапты катуу коюшат. Кээде жарыяны берип, өздөрү кардардын келишин күтүп турушат. Жакса, бат эле алып кетишет. Кээде болсо батир издегендер көп болгондуктан, эрте келип алып күтүп турушат”, – деди ал.

## Тууганга батам деп ойлонбой эле кой

“Жолдошумдун айылдагы туугандары келип биздикинде жашайт”, “Туугандар тажатты. Аларга бекер үй, тамак-аш болсо болду да”, “ Биздин үй аларга эмне мейманкана беле”, “Айылдан самсаалап дагы келишет бекен” деген сөздөрдү туугандын үйүндө жашагандар жакшы түшүнөт. Бир күн кут, андан кийин жут экениңди тууганыңдын кылган мамилесинен жапжакшынакай эле байкайсың. Жыйынтыгында, ортодогу мамиле таптакыр бузула электе, үйүнөн чыгып кетүүгө мажбур болосуң.

“Жумуштан кийин бир тууган агамдын үйүнө баруу мен үчүн тозок эле”, – дейт студент Бектурсун: “Айылдан жаңы келип, окууга тапшырганда байкемдин үйүнө жашамак болдум. Мектепте окуп жүргөндө жеңем менен байкем айылга келген сайын: “Биздикине эле жашап ал. Жардам бересиң, ата-энеңди да кыйнабайсың”, – деп айтып жүрүшчү. Ошол кебине ишенип, бир ай жакшы жашадым. Кийин байкем жокто жеңемдин кыялын байкай баштадым. “Тигини минтип кой, муну тигинтпейт белең. Чакан үйдө көп киши жашаган болбойт экен. Азык-түлүк бат түгөнүп жатат” жана башка дегендей. Кыскасы, акыркы күндөрү үйдөн качып калгам. Акырында группалаш досум менен батирге чыгып кетүүнү чечтик. Үйдөн кетип жатып жеңемдин “Келип тур. Ата-энеңе бизди жаман көрсөттүң” деген кебин уктум. Азыр байкемдикине дээрлик барбайм. Көңүлүм калган”, – деди.

## Батир баалары

Капчыгыңдын калыңдыгына жараша батир издейсиң дегендей, шаардагы берилүүчү батирлердин орточо бааларына токтоло кетсек:

- Жаңы конуштардагы бир бөлмөлүү, дааратканасы, суусу сыртында, свет, суусун өзү төлөй турган батир 4000 сомдон жогору;
- Ушул эле батир, бирок коммуналдык кызматтары батир акысынын ичинде болсо, 5000ден жогору;
- Ал эми эки бөлмөлүү, жашоо шарты сыртта болгон батир баасы 6000 сомдон жогору;
- Жер үйдү толугу менен батирге алам десең, 10 000 сомдон жогору. Көбүнчө мындай үйлөрдүн дааратканасы сыртында болот;
- Жер үй, бирок бардык шарты менен 15 000 сомдон жогору;
- Кабат үйдөгү батирлер бир бөлмөлүүсү 300 доллардан жогору;
- Эки бөлмөлүү батир 500 доллардан, үч бөлмөлүүсү 800 доллардан жогору. Кабат батирлердин баасы көпчүлүк учурда жайгашкан жеринен көз каранды жана коммуналдык төлөмдөрүн өзүң төлөйсүң;
- Эң арзан батирлер бул жатаканалар. Айына 2000–3000 сомдун тегерегинде акы бересиң. Бирок ашкана, даараткана, ваннаны башкалар менен бөлүшүүгө мажбур болосуң.

Батирлеп жүргөндөрдүн көйгөйүн, батирде жашаган адам гана түшүнөт. Өз үйүң, өлөң төшөгүңө эч нерсе жетпейт дегендей, борбордо батирде жашап жаткандарга батир маселеси көкөйүнө көк таштай тийгендиктен, соңунда өз айлыбызга эле кетебиз дешет.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



Жаныбек мырзанын жубайы батирди меш менен жылытаарларын айтат



Шаар конуштарындагы батирлер

# Обменкалар өткөн чактын ишканасы

Акча алмаштыруу жайлары аркылуу өткөн сумма да, андан түшкөн таза киреше да толугу менен мамлекет көзөмөлүнөн сырткары кетет же император менен эрегишкен жапон бийинин икаясы

Акча алмаштыруучу жайлар сөзсүз лицензия менен иштөөсү зарыл. Эреже боюнча алар акча алмаштырган адамга дүмүрчөк бериши керек. Керек болсо анын паспортун сурашы керек. Мына ошол дүмүрчөк берилбегендиктен акча алмаштыруучу жайлардын салыкчылар үчүн көргөзгөн суммасы менен алар аркылуу өткөн сумма дал келбеши толук мүмкүн. Ал эми салыкчыга көрсөтүлбөгөн сумманын кирешеси көмүскөгө кетери турган кеп. Андан сырткары, акча алмаштыруучу жайлар аркылуу өткөн сумма да толугу менен мамлекет көзөмөлүнөн сырткары кетет.

Бул маселени акча алмаштыруучу жайларды жаап, бардык төлөмдөрдү банктар аркылуу өткөрүү менен гана чечсе болот. Ошондо гана биз Кыргызстанга кирип-чыгып жаткан накталай акчаны толук көзөмөлгө ала алабыз. Ошондо гана ким, качан, канча акчаны, кайсыл жерден алмаштырды деген маалымат топтолот. Анын негизинде накталай акчалар эмнеге жумшалып жатканын анализ кылсак болот. Элдин баары акча алмаштыруучу жайлар банктарга караганда тез кызмат көрсөтсө да, алардын жабылганына ыраазы болуусу керек. Анткени биз ушул жол менен гана акча каражаттарынын ак жана кара агымын ажырата алабыз. Азыр болсо мындай жайлар аркылуу шылуундардан да, сойкулуктан да, баңгизаттан да, балким террорчулуктан да келген каражаттар туура жол менен табылган акчаларга аралашып жүрөт.

Мен жеке өзүм, алтындын акча каражаты катары колдонулуп баштаганына каршымын. Себеби, алтынды казып чыгарып, башка нерселерден ажыратып иштеп чыгууга өтө көп мээнет жана ресурстар коройт. Ошол эле маалда, кандайдыр бир өзгөчө акыбалдан улам ал алтын башкалардын колуна өтүп кетүүсү мүмкүн. Эгер мамлекет жана эл өзүнүн финансы жана экономикалык абалын алтынга байлап алса, анда анын бир убакта жок болуп кетүүсүнөн узак мөөнөткө созулган туруксуздукка кептелүүсү мүмкүн. Кагазбы, же алтынбы айтор, алардын ортосунда акча каражаты катары эч кандай айырма жок. Бир нерсени акча каражат катары кабыл алуу – коомдук келишимге жана тигил же бул акча каражатынын туруктуулугуна байланыштуу. Акча каражаттын туруктуулугу аны башкара билүүгө байланыштуу. Акчанын туруктуулугуна аны айлантуудан алып чыгып кетүү таасир берет. Кагаз акчанын ыңгайлуулугу ушул жерде билинет. Мисалы, кимдир бирөө анын кандайдыр бир бөлүгүн катып алды, же кандайдыр бир башка себептер менен бир нечеси жок болду дейли. Андай учурда керектүү көлөмдөгү кагаз акчаны чыгарып, толуктап койсо болот. Ал эми эгер алтын акча каражат катары колдонулса, аны толуктоо көп мүчүлүштүктөр менен коштолот. Чынында, акча каражат катары эмне колдонулары финансалык эрежелер менен мекемелерге баары бир. Бул жерде өкмөт менен эл гана кыйналат. Акча алмаштыруучу жайларга да баары бир.



Алтын – өткөн доордун акча каражаты. Ага кайра кайтууга эч кандай зарылчылык жок. Ал алтын болобу, же кагаз болобу деги акча каражаттарынын айлануусу ачыкка чыкмайынча, мамлекетте толук финансалык, экономикалык жана саясий туруктуулук орношу мүмкүн эмес.

Акча каражаты базарынын мүнөзүн анализдөөдө «жапон шамдары» деген ыкма бар. Бул ыкма кайдан пайда болгон? Кайсы бир жапон бийи ал кездеги металл акча каражатынын ордуна баалуу кагаздарды чыгарган. Алардын баалуулугу алтынга эмес, күрүчкө байланган. Мисалы, андай кагаздардын биринде «сен бул кагазды 3 кап күрүчкө айырбаштасаң болот» деп жазылган. Ал бий башында жакындарын, кийин бардык жапон элин бул кагаздардын баалуулугуна ишендирген. Ошентип бул баалуу кагаздар эл ичинде алтын, же күмүш акчадай эле жүгүртүлүүгө өтөт. А кийин болсо, бул баалуу кагаздар акырындап металлдан жасалган акчаларды сүрүп чыгара баштайт. Себеби, мындай акчаны келерки жылдын түшүмүнө да берүүгө мүмкүн болчу. Бара-бара ал кагаздар эки-үч жылдан кийин чыкчу түшүмгө берилүүгө жетишет. Ошентип отуруп аягында императордун өкүмү менен бул бийдин башы алынган. Бул жазага ал «тапканынан ашыкча чыгымдарга жашай баштады» деген айып аркылуу кабылган. Көрсө, айтылуу бий императордун казына байлыгына тең байлык топтогонго жетишиптир. Ошондуктан акча каражатынын баалуулугу ага болгон ишенимге барабар болуп, ишкер менен элдин ишенимине байланган.

Сөзүбүздү жыйынтыктай турган болсок, улуттук экономика менен коомдук коопсуздукка эсептелбеген «кара» акча мамлекетке түздөн-түз терс таасирин тийгизет. Материалдык баалуулук катары кандай зат колдонулбасын, анын расмий эсеби болуш керек.

МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

# 5 ири долбоор тандалды

Бишкекте 2-декабрь күнү ЖИА бизнес-ассоциациясы тарабынан BIF-2015 (Акчаны ойгот) инвестициялык форуму өттү. Форумдун башкы максаты – иштеп жаткан коммерциялык уюмдардын өнүгүүсүнө жаңы дем берүү болду

BIF-2015 ишкерлер менен инвесторлорду жолуктуруу үчүн атайын аянтча түзүп, ийгиликтүү ишкерлер бизнести өнүктүрүү жана инвесторлорду тартуу боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүштү. Форумга жөнөтүлгөн бизнес долбоорлорду өлкөдөгү мыкты финансисттер жана ЖИА бизнес ассоциациясынын мүчөлөрүнөн түзүлгөн топ карап чыгып, инвестфорумда сунуштала турган ишканаларды тандады.

BIF-2015тин жобосуна ылайык, инвестфорумга иштеп жаткан жана кирешелүү бизнестер катышып, 20 миңден 500 миң долларга чейин инвестиция талап кылынуусу шарт. Алган каражаттын 70%ын өнүктүрүүгө, мисалы, жаңы жабдууларды сатып алууга жумшалышы керек.

Форумдагы талкууда орто жана чакан бизнестин көйгөйлөрү эмес, аны өнүктүрүүнүн жолдору сунушталды. ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директорунун орун басары Фархат Пакыров форумга катышууга өлкөнүн бардык экономикалык багыттарынын орто жана чакан ишканаларынан арыздар келип түшкөнүн билдирди.

– Жалпы жонунан 140 бизнес-проекттин ичинен татыктуу 40 проект тандалып алынды. Анын ичинен биз иргеп отуруп мыкты делген бешөөнү форумга алып чыгууну чечтик. Алар – тигүү өнөржайы, айыл-чарба продукцияларын иштеп чыгуучу жана курулуш материалдарын жасап чыгарган ишканалар.

Тандалып алынган беш ири проект:

1 – ЖЧК "Карим-А" – айыл-чарба өндүрүмдөрүн Орусияга экспорт кылган компания;

2 – ЖЧК " Грисим" – кара өрүктү кайра иштеп чыгаруучу компания;

3 – ЖЧК "Кыргыз Туз" – туз өндүрүүчү компания;

4 – ЖЧК "Санфудс групп" – күн караманы кайра иштеп чыгаруучу компания;

5 – Курулуш материалдарын саткан "ПИОНЕР" супермаркети.

ЖИА бизнес-ассоциациясынын спикери Умбриель Темиралиев татыктуу иштеген жана келечеги бар компаниялар форум учурунда көрсөтүлүү үчүн атайын тандалып алынганын айтты.

– Биз учурда иштеп жаткан бизнестердин ичинен татыктуусун, жаңы чыйыр ачууга бышып жетилгенин тандап алдык. Ал компаниялар мындан ары кантип өнүгүүнүн жолдорун жакшы билет. Ошондуктан тандалган беш компаниянын тең келечеги кең болуп калды десек туура болот.

Экономика министринин орун басары Данияр Иманалиев аталган форум чакан жана орто бизнеске инвестиция тартууга кенен жол ачып берет деген ишенимде.

– Чакан жана орто бизнеске ар тараптан өнүктүрүүнүн ар кыл жолдорун көрсөткөн бул форумдун ролу абдан маанилүү. Анткени жалпы жонунан дүйнө экономикасы дагы туңгуюкка бара жатканына күбөбүз. Мисалы энергетикалык өндүрүмдөргө баа кескин көтөрүлүп, валюталардын баары баалуулугун жоготууда. Мындай учурда Ата-мекендик бизнес өкүлдөрүнүн өз-ара кызматташуусун күчөтүүбүз керек. Орто жана чакан ишканаларга узак мөөнөткө төмөндөтүлгөн пайыздагы акча табылбагандыгы негизги көйгөйлөрдүн бири болуп келген. Бүгүнкү форум бул көйгөйдү кандай чечүү керектигине үлгү болуп берди.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Гүлмира Акматова: “Колдон чыккан буюмда чебердин сүйүүсү камтылган”

Элибиз илгертен иштүү айымдарды бөтөнчө ызааттап келишет. Буга “темене тартып төө алат”, “баардык жигит кыз тандайт, бактылуу жигит уз тандайт” деген учкай сөздөр далил. Бүгүн ошол чебер энелерибиздин учугун улап, атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына жеткен айтылуу уз Гүлмира Акматова менен кол өнөрчүлүк тууралуу маек курдук



**Туулган жылы:** 1963-жыл, 18-июль
**Туулган жери:** Ысык-Көл облусу, Тоң району, Көк-Сай айылы
**Билими:** Кыргыз улуттук университетинин тил адабият бөлүмүн аяктаган
**Жетишкендиктери:** Бир канча сыйлыктардын ээси жана “Оймо ойдун эргүүсү” аттуу китептин автору
**Үчүрда:** Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси

**– Көпчүлүк сизди айтылуу Таштанбек Акматовдун кызы жана белгилүү кол өнөрчү, ийгиликтүү ишкер айым катары таанышат. Бүгүнкү жетишкендиктериңизге ата-энеңиздин салымы барбы? Бул тармакка кандайча аралашып калдыңыз?**

– 1992-жылы атам «Фермер фермерге» деген долбоор менен иштешип калды. Долбоордун максаты чабанга жөн гана чийки продукция сатпай, даяр продукция өндүрүүнү жана сатууну үйрөтүү, ошондой эле айылдагы жумушсуз аялдарды иш менен камсыз кылуу болчу. Бул демилгенин негизинде атайын станок жана аларды иштетүүнү үйрөтө турган Америкадан ыктыярчылар келип тренингдерди өткөрүшкөн. Бирок долбоордун мөөнөтү аяктагандан кийин эч ким бул ишти улантып кетүүнү колго алган жок. Ошентип ал иш токтоп калган.

Өзүмдүн кесибим мугалим болгону менен ошол мезгилде бала менен үйдө болчумун. Натыйжада, атамдан станокту сурап, балконго коюп алып иштеттим. Ишти жаңы баштаганда кыйынчылыктар болбой койгон жок. Көргөзмөгө алып чыккан буюмдарымды көргөндөр башында “кайсы мамлекеттен алып келдиң?” деп сурашты. Мен “өзүбүздүн эле кыргыз аялдарынын колунан чыккан” десем, “койчу, кыргыз аялдарынын колунан мындай иш келбейт. Башка мамлекеттен алып келип өзүмдүкү деп саткандан уялбайсыңбы” дегенге чейин барышчу. Ошондо намыстанып атайын Кыргызстанда жасалганын тастыктай турган этикеткаларды Индиядан буйрутма менен жасаттырдым. Ошентип бара-бара элдин баары өзүбүздүн колдон чыкканын билип, бирөөлөр атайын издеп келчү да болушту.

Жогорудагы айтып өткөн көргөзмөлөр мага элдин суроо-талабын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берди десем болот. Менин бүгүнкү ийгиликтериме ата-энемдин да зор салымы бар. Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ок жонот дегендей, бизди ата-энебиз кичинебизден эмгекке тарбиялашкан. Эне баласынын колунан эмне келерин сезет экен. Айтайын дегеним, апам кичинемде мени ушуларды үйрөн деп кол өнөрчүлүккө тарткысы келе берчү. Мен ал кезде маани бербептирмин. Апамдын көзү тирүү болгондо менин бүгүнкү кол өнөрчүлүктө жетишкен ийгиликтериме кубанмак. Атамды акча берип, же башка нерсе менен сүйүнтө албайм. Мен апамдын ишин кайра жандантып, “баягынын кызы” дедиртсем, же болбосо атама эл “мына сенин кызың” деп турушса гана ал ыраазы болуп сүйүнөт болуш керек. Жасаган жакшы ишим менен үлгү болуп, эмгегим менен баар тапсам, атам ошого кубанат деп ойлойм.



Таштанбек Акматов Гүлмира кызы менен

**– Жиптерди, боёкторду кайдан аласыздар? Колдон чыккан эмгектериңизди кардарлар кымбат дешпейби?**

– Жипти биз чоң апаларыбыз колдонгон ийик менен өзүбүз ийиребиз. Мурда Орусияда электр ийиктер бар болчу. Бирок ага 200 гр эле жүн батат. Ал эми Тажикстанда токуучулук жакшы өнүккөндүктөн, 1 килограммдай жүн бата турган станок жасалат экен. Быйыл “аялдар лидерлиги” деген программага катышып окуганымда, ошол жактан мага жип ийирүүчү станокторду алганга жардам беришти. Он станокту азыр Кеминдин Комсомол айылындагы келиндер иштетип, мага жип ийрип беришет. Ошолордун негизинде кайра биз токуйбуз. Башында түнү менен уктабай жалгыз өзүм отуруп жасачумун. Азыр менин окуучуларым бар. Ар бири жөндөмүнө жараша иш кылат. Бирөө токуйт, бирөө сайма саят. Оюусун сала келгенде мен үйгө түндө алып барып салып берем. Аны бирөө ийне менен сайып, бирөө кайра басат.

Боёкко келсек, мен биринчи чөп боёктор менен баштагам. Негизинен биздин буюмдар көп деле боёлбойт. Биз табигыйга көп басым жасайбыз. Биздин буюмдарды кымбат дегендерге мен бир килограмм жип ийрип бергиле, анан кымбатпы арзанбы өзүңөр түшүнөсүңөр деп айтам. Анткени мен буюмдарды аябай көп акча кошуп сатып жатканым жок. Эмгек ошого алып барып атат. Фабрикадан чыккан буюмдар бир өңчөй жана бири-биринен эч айырмаланбай бир тектүү чыгат. Ал эми кол өнөрчүлүктө бир жасалган буюм экинчи жолу кайталанбайт. Ар бири өзүнчө бөтөнчөлөнөт. Бул жерде фермердин, канча чебердин сүйүүсү бар. Биздин эмгекти кол өнөрчүлүктү баалаган, түшүнгөн адамдар алат.

**– Кол өнөрчүлүккө кызыгып, сизге шакирт болгондор барбы?**

– Шакирт тарбиялаш керек. Кол өнөрчүлүккө кызыгып келгендерди үйрөтөм. Азыр бир нерсени өздөштүрүп алуу үчүн акча төлөп үйрөнүшсө, мен текшерисинче алардын колунан чыккан нерсесине акча берип турам. Анткени ал мындай колдоодон шыктанып, өнөрдү үйрөнсө, аны көрүп кызы өздөштүрөт. Ошентип кол өнөрчүлүгүбүздү өстүрүшүбүз керек да. Баарын өз жөндөмүнө жараша багыт берип үйрөтөм. Мисалы мендеги кыздар станокто кездеме токушат. Бирок алар күйөөгө кетерде менин станогумду көтөрүп кете албайт да. Ошондуктан жумушу жок калбашы үчүн, мени менен иштешип жатканда эле анын өзүнүн эмнеге жөндөмдүү экенин билип, ошого жараша дагы бир өнөр үйрөтүп коём. Кийин ал келин балалуу болуп үйдө отуруп калганда ошол өнөрүн улантып кетсе болот.

Күмүш менен иштеген Бексултан деген бала бар эле. Аны мен “күмүш топчу жаса” деп, башында өзүм алып элдерге жайылтып жүрүп азыр топчу менен иштеп калды. Ушинтип койсоң жакшы да. Завод-фабрикалар иштебегенден кийин кол өнөрчүлүктү өнүктүрсөк, балким ушул кичинекей эле нерселер чоң нерсеге айланып кетиши мүмкүн. Качанкыга чейин эле алып сатар болуп жүрө беребиз? Өзүбүздөн өндүрүп чыгарсак жакшы болмок деп ойлойм.

**– Кыргыз уздарынын колунан чыккан эмгектерди чет мамлекеттер кандай баалайт?**

– Чет жакта завод-фабрикалар көп өнүккөндүктөн, көпчүлүк нерсе фабрикада жасалат. Бирок, жогоруда айтып өткөндөй, фабрикада жасалган нерселер окшош болуп калат. Ал эми кол өнөрчүлүктө ар бир буюм бирден жасалгандыктан, кол өнөрчүлүктү абдан баалашат. Мен мисалы 2010-жылы май айында Шанхайга көргөзмөгө бармак болдум. Мага “сен өз буюмдарыңан алып ал” дешти. Мен болсо, “товардын баары Кытайдан келип атса, анан калса, ал жакта күн да ысык болсо. менин жүндөн жасалган оокаттарым өтмөк беле деп аздан эле алып бардым. Шанхайда ошол алып баргандарым бир күндө эле сатылып кетпедиби. Ошондо көп эле алып келсем болмок экен деп катуу өкүнүп калдым. Көрсө, колго жасалган нерсени алар билип, баркташат экен.

**– Кыргызстан Аялдар Конгрессинин эл аралык маанидеги “Лидерлик үчүн” Алтын медалын алдыңыз. Коомдук иштерге да катышып жүрөсүз, ишкер айым катары ийгиликтин сыры эмнеде деп айта аласыз?**



Мода чебери 2015 фестиваль-жарманкесинде

– Былтыр КГУСТАдан кыргыз кийимин кийген мугалимдердин фестивалын өткөрүп, кыргызча кийинип жүргөндөрдү баса белгилеп конкурс кылат элек, жардам бере аласызбы деп суранышканда, жасаган буюмдарымдын ичинен жоолукту жаап бердим. Азыркыга чейин ырахмат айтып жүрүшөт. Атай Өмүрзак уулуна моюн оргуч тактым. Кыргызстан Аялдар Конгресси былтыр "Лидерлик үчүн" деген медалын берди. Андан кийин жеңил өнөр жайынын 10 жылдыгында дагы бир конкурска катыштык. Ал жерде биринчи жолу өзүбүздүн күчүбүздү сынап, жасаган кийимдерибизди моделдерге кийгизип туруп, мода көрсөтмөсүнө бастырдык эле, анда да этнодон биринчиликти алдык. Ошондой эле "жеңил өнөр жайынын отличниги" деген медалды алдык. Нарын облустынын губернаторунун орун басары "Нарын айымы" деген медал берди.

Андан сырткары элдин сурангандарын аткарам, кеп-кеңеш сураса берем. Билген нерсеңди өз ичиңе катып албаш керек да. Биздин апаларыбыздын кемчилиги ошол, кызганычтын айынан өз билгенин бирөөгө үйрөткүсү келбей жүрүп, көп нерсени өзү менен кошо ала кетишкен да. Натыйжада, жок болуп бараткан өнөрдү тыяк-бияктан сурап жандандырып, акырын-акырындан кол өнөрчүлүгүбүздү арбытып баратабыз. Ийгиликтин сыры деген эмне дегенде, тынбаган эмгек, изденүү, өжөрлүк жана үй-бүлөнүн колдоосу деп айтам.

**– Кыргызстандагы кол өнөрчүлүккө кандай баа бересиз? Кол өнөрчүлүктүн жетишкендиги, көйгөйү эмнеде?**

– Кол өнөрчүлүктө "ушундай кылсак бир нерсе болот экен" деп изденип жасашат да. Бирөөнүкү жакшы болот, бирөөнүкү жаман болот. Көйгөйүбүз – жасалган буюмдарды эл алдына чыгарчу жерибиз жок. Азыр кол өнөрчүлөр көп. Жаштар чыгып келатат. Ошолорду кандайдыр бир жөлөп-таяп, колунан чыккан бумдарын жасаганга, сатканга бош турган имараттардан берсе жакшы болмок. Кол өнөрчү жасагысы келет, бирок, аны жасаганга жер жок. Тажикстанда дагы, башка мамлекеттерде да кол өнөрчүлүккө көңүл буруп, аябай колдоо көргөзүп жатканын көрүп арданасың. Андай бизде жок. Бирок ошого да болбой кол өнөрчүлүк өнүгүп келе жатат. Кол өнөрчүлөр жасагандарын Алма-Атага, Орусияга көргөзмөлөргө алып барат. Мамлекет көңүл буруп, жок дегенде ушу жаңыдан өсүп келаткандарга станок жагынан кандайдыр бир жардам кылып койсо жакшы эле болмок. Кол өнөрчүлүктүн деле биздин мамлекетибиздин өсүшүнө үлүшү болмок да.

Бизде жибек менен жүндөн аялдардын моюн оргучун жасаган Айдай Асангулова, Бурул Мамбетова сыяктуу кыйын кыздар бар. Мен Америкага көргөзмөгө барганымда алардын эмгектери туристтер келүүчү кымбат жайларда сатылып жатканынын өз көзүм менен көрүп, кубө болгом. Аларды ал жерден көргөнүмө аябай сыймыктандым. Дүйнө элдери баалайт экен. Кол өнөрчүлөрүбүз өз аракеттери менен тиякка-биякка чыгып атышат. Анан ушуга мамлекет кичине колдоо көргөзүп койсо, мындан да жакшы өнүгүп, өлкөнүн өнүгүшүнө да жакшы таасир бермек да.

Бизге азыр темир усталар жетишпейт. Биздин шырдактарыбыз укмуш бааланат. Бизде колго алып кете турган тармактар көп. Лейлек, Ош жактарда килем токуучулук сакталып калган. Менин билишимче азыр бизде темир иштетүү тармагы да жолго жакшы коюла элек деп ойлойм. Илгери укмуштуудай темир усталар бар эле. Ошол тармак такыр жок болуп кеткенби, же жолго салынбай атабы, айтор, бул жагынан аксап жатат. Андан сырткары, тери иштетүү тармагы акырындык менен бутуна туруп келатат. Кудайга шүгүр, кийиз иштетүү боюнча фабрикабыз бар. Көргөзмөгө биринчи чыкканыбызда тиги жерден беш-алтоо, бул жерден беш-алтоо келип катышчу. Жеңил өнөр жайынын көргөзмөсү жылына эки жолу болот. Аны мындан да көбүрөөк уюштуруп коюшса жакшы болмок.

**– Алдыдагы ой максаттарыңыз менен бөлүшө кетсеңиз?**

– Алдыдагы пландарым – жип ийригенди, сайма сайганды дагы өнүктүрүшүм керек. Оймону дагы көбөйтүп, дагы бир китеп чыгарып койсомбу деген оюм бар. Буга чейин "Оймо ойдун эргүүсү" аттуу китебим чыкты эле, ошонун уландысын чыгарсам дейм. Анткени улам кийинки муундарга кыргыз оюусун унуткарбагандай кылып өткөрүшүбүз керек. Ошондой эле сайманын түрлөрүн чыгарсакпы деген ойдобуз. Токуучулук дагы биздин өрмөктүн эле бир түрү. Айырмасы, станокто эле болгону болбосо, токулушу окшош. Илгерки өрмөк менен азыркы станокто токулганды салыштырып чыксак деген оюм бар. Эми аны убакыт көргөзөт да.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА

# «Төкмөлөр өзүбүз айтыш уюштурмай болдук»

Ушул жылы өлкөбүздө биринчи жолу төкмө акындарыбыз өз күчү менен "Жаш таңдай 2015" аттуу айтыш уюштуруп, эл алдына чыкканы турат. Мына, ошол элдин бүйүрүн кызытып, көпчүлүктүн көңүлүн бурган айтыштын уюштуруучуларынын бири, айтылуу төкмө акын Баян Акматов төмөндө өзү тууралуу кеп кылып берди



## Ишенимдүү досторумдун көбү жөнөкөй

Айлана-чөйрөңдү ишенимдүү достор коштоп жүргөнү бул жакшы нерсе. "Миң сомуң болгуча, бир досуң болсун" деген кеп бар эмеспи. Анын сыңарындай, азыр Кудайга шүгүр, чөйрөмдө ишеничтүү досторум көп. Негизи эле доско баймын.

## Баардык нерсени убагында жасап калганың жакшы

Арт жагымды караганда көп нерсеге өкүнүп калам. Кичине кезимде эле комузга кызыгып, комуз черткенди аябай жакшы көрчүмүн. Бир комузум бар эле. Аябай көп чертип койдумбу, айтор капкагы сынып, кылдары үзүлө баштады. Ошондон улам көпкө чейин комуз чертпей калдым. Азыр эми ошол комуз чертпей өткөргөн күндөрүмө өкүнүп калам. Бала кезибизден Ашыраалы, Тууганбай аталарыбыздын, Майра жээбиздин ырларын угуп, таасирленип чоңойгонбуз. Кийин шаарга келип, окууга тапшырдык. Ошондо бир гана Майрам жээни көрө алдым. Ал эми Ашыраалы, Тууганбай аталарыбыз тиги дүйнөлүк болуп кетиптир. Азыр аларды көрбөй калганыма да өкүнөм. Андан сырткары, бала кезде тил үйрөнүүгө дагы аракет кылсам болмок деп да өкүнөм. Себеби канча тил билсең, ошончо дил билесиң деген кеп бар эмеспи. Мен ал убактарда өнөргө кирип, өнөрдү эле казып жүрө берген экенмин. Көрсө, баардык нерсени убагында жасап калганың жакшы тура.

## Үч окуу жайга тапшырып, үчөөнө тең өтүп кеткем

Мектепте окуп жүргөндө эле комуз чертип, ар кандай иш-чараларга катышып жүрдүм. Кийин мектепти бүтүп шаарга келдик. Шаарга биринчи келгенде үч окуу жайга – сүрөт академиясына, Жусуп Баласагын атындагы улуттук университетке, Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтуна тапшырып, үчөөнө тең өткөм. Бирок, көңүлүм искусство жаатында болгону үчүн, ошол жакта окуп калдым. Ал жерде Замирбек Үсөнбаев агайыбыз беш жыл бою санжыраларды, терме-санаттарды үйрөттү.

## Убакытты үнөмдөөнү кичинесинен үйрөтсөк

Биримдиктүү болуп, биргелешип иш алып барган кандай сонун! Досторуңдун ишенимин актап, айткан сөзүңө бекем туруп, алдыга карай умтула берүү керек. "Мекен мага эмне кылып берет дебей, мен мекен үчүн эмне кылдым" деп жашоо зарыл. Мисалы, өз айлыңдагы жолдорду оңдо, үйүңдүн айланасындагы арыктарды оңдо. Өзгөрүүнү өзгөлөрдөн күтүп олтура бербей, өзүбүздөн баштасак жакшы болот. Баарын өзүбүздөн баштап, келечек муундарыбызга туура тарбия берсек, анда биздин келечегибиз да буюрса жакшы болот. Келечек муундарды, балдарыбызды тарбиялоодо алардын убактысын текке кетирбей, убакытты туура пайдаланууну кичинесинен үйрөтөлү.

## Төкмөлүк ата-тегимден жуурулушуп келген өнөр

Өнөрлүү адамдардын көпчүлүгүнүн ата-тегинде өнөрлүү бирөөлөр болгон. Анын сыңарындай, менин ата-тегимде да чоң атам комуз чертип, ырдап калчу экен. Ал эми чоң атамдын чоң атасы дагы "өнөрлүү, таланттуу адамдардан болгон" деп атам эскерип айтып калчу. Кыскасы, бул төкмөлүк өнөр ата-тегимден жуурулушуп келген өнөр десем болот.

## "Айтыш" фондун үч жыл издегем

Биз "Айтыш" фондун издеп жүрүп үч жыл дегенде араң таап, азыркы устаттарыбызга жолугуп тажыйрба топтоп калып калдык. Ал убакта КТРде он күндө бир айтыш болуп турчу. Ошол жерде биринчи жолу Азамат Болгонбаев агабыз менен айтышкам.

## Кыргыз кандай эл болгонун акындар сөзсүз билиши керек

Албетте, "Биз дагы акын болгубуз келет. Акын болуш үчүн кайсы китептерди окуйлу?" деген инилерибиз да бар. Аларга Байдылда Сарногоевдун, Мидин Алыбаевдин, Райхан Шүкүрбековдун китептерин көп окугула деп кеңеш берем. Ой жүгүртүү аркылуу жаттап алганы да жакшы. Кыргыздын кандай эл экенин, өткөн-кеткенин сөзсүз билишибиз керек.

## "Жаш таңдай айтыш 2015" 6-декабрда

"Жаш таңдай айтыш 2015" айтышын уюштуруп жатканыбызга ажыга баргандагы окуя себеп болду. Ал жерде Кубат Тукешев агабыз менен бир жатаканада жашадык. Ошондо ушундай бир иш-чараларды кылалы, качанга чейин айтышты күтүп жүрө беребиз деп кеңешип алып бул жакка келсек, жаштарыбыздын тилеги да ушул болуп, баары колдошту. Буюрса, ошол тилектер жакында ишке ашканы турат. Тактап айтсак, **"Жаш таңдай" акындар айтышы 6-декабрда Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз Улуттук драм театрында кечки саат 17:30да башталат. Билет баасы 300 сом. Буюрса жети жуп болгон он төрт акын катышат.** Акындыкка суусап турган, сөз багып, сөз кадырлаган эл журт келип берет деп ишенебиз жана күтөбүз.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Жусуп кыргыз поэзиясына жаңы форма берген



Жусуп Турусбековдун чыгармаларынан анын чыгарма жаратуудагы чеберчилиги, сөздү ыктуу пайдаланган, жаңы формаларды издеген жаңычылдыгы, адабият теориясын мыкты өздөштүргөн окумал адам болгондугу байкалып турат

## Бир үйдөн жалгыз калуу

Кыргыз адабиятынын көч башында турган улкөндөрүнүн бири – Жусуп Турусбеков 1910-жылы Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Көк –Сай айылында туулган. 6 жаш курагында орус колонисттеринин жазалоочу отряддарынан качып, уркөн эл менен бирге Кытай жергесине кетет. Падышачылык Орусиядагы Октябрь төңкөрүшүнөн кийин өлгөндөн калгандар Үч-Турпандан касиеттүү көлгө кайрадан келип конушат. Ата журтка кайтып келгенде эле Жусуптун турмушу оңолуп кеткен эмес. Бир үй-бүлөдөн жалгыз, томолой жетим калат. Жалгыз карындашы менен энеси оо дүйнөгө аттанат. Ошентип, анын балалыгын жокчулук менен жетимчилик коштоп, ар кайсы туугандын колунда чоңойгон. 1921-жылы таякеси Чортонбай Жусупту Каракол шаарындагы жетим балдар үйүнө өткөргөн. Ал жерде бир жыл окугандан кийин Түп районундагы айыл чарба техникумуна кабыл алынып, окуусун уланткан. Жусуп кыргыз жаштарынын ичинен алгачкылардан болуп билим алууга умтулган. Бул жерден ал казак, татар, орус адабияты менен таанышкан. Замандаштарынан өзгөчө адамкерчилиги, мээнеткечтиги менен айырмаланган.

## Түгөлбайдын эскерүүсү

Ал тууралуу Түгөлбай Сыдыкбековдун мындай эскерүүсү бар. "Жыйырма эки жашында аны көрүнбөс касиет ээрчиген сүйкүмдүү кебетеси менден көп улуу өңдөнду. Бирок, ал болгону эки гана жаш улуу экенин билгенимде ага теңтуш, курбу болоюн десем да, анын таланты, адамгерчилик сапаты дайым менден улуу бойдон калды. Себеби, Жусукем көп окуган, көптү көргөн, көптү билген, элинин турмушунун кайгы-муңун кылдат сезген, тили бай, ички дүйнөсү кенен, өтө ак пейил адам экендигин мага бат эле байкатты. Мен Жусукемди таланттуу гана акын эмес, адамдык жакшы сапаттарга бай, жүрөгүндө назик сезимдин күүсү бар экендигин байкаганымда Жусукемди бир тууганымдай сүйүп кеттим", – дейт.

## Чыгармачыл чыйырдан даңгыр жолго

Жусуп 1928-жылы "Эркин-Тоо" гезитине орношуп, алгачкы ыры 1929-жылы жарыяланган.1929-жылы "Кызыл Кыргызстан" гезитинин редакциясында корректор болуп иштеген. 1929-1930-жылдары Тверь шаарындагы советтик-партиялык мектепти ийгиликтүү бүтүрүп, "Кызыл Кыргызстан" гезитинин редакциясында бөлүм башчы, кыргыз театрынын директору, "Ленинчил жаш" гезитинин редактору, Жазуучулар союзунун консультанты болуп иштеген. 1932-жылы "Жусуптун ырлары" деген тандалган ырлар жыйнагы чыккан. 1934-жылы жазуучулар союзунун мүчөсү болгон. 1934-жылы Жусуптун "Ажал ордуна" музыкалык драмасы коюлган. Бул драма кыргыз театр өнөрүндөгү классикалык чыгарма деп таанылган. 1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун биринчи декадасында жогорку баага татыктуу болгон. Орус элинин белгилүү режиссеру Константин Станиславский: "Бул музыкалык драманын автору ким?" – деп сураганда "Вот, молодой драмтург", – деп Жусупту көрсөтүшкөн. Ошондой эле ал Ж.Бөкөмбаев, К.Маликовдор менен биргеликте Айчүрөк операсынын либреттосун жазган. Бул опера да кыргыз искусствосунун биринчи декадасында ийгиликке жетишкен. "Ажал ордуна" жана "Айчүрөк" операсы бүгүнкү күндөрдө да театр сахнасында коюлуп жүрөт. Жусуптун чыгармачылык потенциалы Тверь шаарына окугандыгына байланыштуу жогору болгон. Бул жерден ал М. Горький, А.Маяковский, К.Станиславский, Н.Данченколордон таалим-тарбия алып, драматургиянын терең сырларын үйрөнгөн.

## Смар Шмеев Жусуп тууралуу

Адабиятчы Смар Шмеев: "Жусуптун ырларынын түзүлүшүнө көңүл бурсак, мында орус элинин таланттуу акындарынын, алардын ичинен Маяковскийдин таасири күчтүү. Маяковскийден үйрөнүү, андан үлгү алуу аркылуу гана кыргыз ырларынын түзүлүшү боюнча бир топ жаңылыктарды киргизүү мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. 1935-жылы "Тандалган ырлар" жыйнагы, 1937-жылы "Беш мойноктогу окуя" дармасы, 1938-жылы "Мекен" ырлар жыйнагы, 1941-жылы "Каракчынын трагедиясы" аттуу поэмасы жарыкка чыккан. Акындын кыргыз поэзиясына кошкон жаңылыктары жалаң гана мазмун жагынан эмес, түр жагынан да айкын көрүнөт. Башкача айтканда, Жусуп ыр түзүлүшүнө, ыр уйкаштыктарына көп жаңылык кошту. Ал көркөмдүк жаңылыктарды ачкан – новатор акын", – деген.

Буга анын "Ук жер жүзү!" аттуу ырын мисал келтирсек болот:

*Ук жер жүзү,*
*Далай гигант салынды!*
*Өлкө бети,*
*Өзгөрүлдү, жаңырды.*
*Кечээ күнкү,*
*Күрпүлдөгөн*
*Долу суу,*
*Эпке келип,*
*Бүгүн бизге багынды.*
*Кечээ күнкү муң каптаган,*
*Фергана*
*Бүгүн көрсөң,*
*Өзгөрүлгөн башкача.*
*Дыйкандардын,*
*Өстүрүшкөн пахтасы.*
*Кем калышпайт*
*Египетти баспаса!*
*Тыңша аалам!*
*Тыңша Шань-Хай!*
*Тыңша Париж!*
*Кулак сал!*
*Ук жер жүзү,*
*Тыңшагычты колуңа ал!*
*Угуп биздин*
*5 жылдык жеңишти ,*
*Ук жер жүзү!*
*Уккун дүйнө!*
*Таңыркан!*

Күчтүү пафостогу мындай ырды жазуу үчүн Турусбековдун канчалык деңгээлде изденгенин ойлонуп көрүңүз.

## Салижан Жигитов "Энем поэмасынын тегерегинде"

Белгилүү сынчы Салижан Жигитов Жусуптун чыгармачылыгына белгилүү деңгээлде изилдөө жүргүзгөн. "Энем поэмасынын тегерегинде" деген макаласында: "Чынында да накта турмуштук фактылардын салыштырмалуу бийик билимдин, оригиналдуу акындык ыктын негизинде жазылгандыктан гана ал поэма өзүнө тең чамалаш жаралган башка поэмалардан өз мезгилинин идеялык духун жана жана эмоциялык атмосферасын таасын чагылдыргандыгы менен аттын кашкасындай бөлүнүп турат. Анда 30-жылдардагы республикабыздагы коомдук турмуштун прозасы жана поэзиясы, жалындуу илеби жана күүсү, кыргыз жаштарынын жалпыланган образы жана романтикасынын дымагы бар. Акын бул поэмасында аны менен мезгилдеш айрым поэмаларга мүнөздүү карандай прозаизмге түшүп кетүүчүлүктөн, фабулалык санап чыгуучулуктан, натуралисттик сүрөттөөлөрдөн, штампка айланган фольклордук көркөм ыкмалардан качып, сюжеттик коллизияларды чечүүнүн жана образ куруунун жаңы жолун тапкан", – деп жогорку баасын берген.

## Алыкулдун күйгөнү

Ал эми Жусуптун замандашы улуу акын Алыкулдун мындай ыр саптары бар:


*"Күүлдөгөн кош канаты бороондоп,*
*Байкаганга кыраан бүркүт өзү окшоп.*
*Бул отурган көп курдаштын ичинде,*
*Кайран гана Жусубумдун орду жок.*
*Анын ыры шекер-шербет бал эле,*
*Бул замандын бактылуу бир жаны эле.*
*Күлүктүгүн салыштыра келгенде,*
*Күлүктүгү Көкаладай бар эле"*, – деп Жусупту катуу жоктогон.

## Жусуптун ырлары карыбайт

Ыр жазуу, драмалык чыгармаларды жазуу менен бирге котормочулукта да өзүнүн калемин сынаган. Жусуп Пушкиндин "Таш коногун", Гейненин жана башка дүйнөлүк адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Жусуп Турусбековдун чыгармаларынан анын чыгарма жаратуудагы чеберчилигин, сөздү ыктуу пайдаланган, жаңы формаларды издеген жаңычылдыгы, адабият теориясын мыкты өздөштүргөн окумал адам болгондугу байкалып турат. Маяковскийдин стилин чыгармаларында ыктуу колдонуп, социалисттик мамлекеттин идеяларына бийик пафос берип, эмоционалдуу-экспрессивдүү боёк берүү аркылуу чыныгы советтик мамлекеттин атуулу экендигин далилдеген. Жок болуп кете турган күндө жуунтуп-тарантып, курсагын тойгузуп, билимин берип, адам кылып койгон совет өкмөтүнө ал чексиз ыраазы эле. Муну анын бардык чыгармаларынан байкасак болот. Өзгөчө, "Ленин жолу", "Энем" поэмасында социалисттик түзүлүштү куруучулардын катарын толуктаганы көрүнүп турат. Белгилүү комузчу, обончу Атай Огомбаевдин Жусуптун лирикалык маанайда жазылган "Эсимде" аттуу ырына чыгарган обону ушул күндөрдө да Ала-Тоонун койнун аралап, шаңшып келет. Дале да болсо уккан кулактын кужурун кандырган, кыргыз мүнөзүнүн кереметин даңазалап жаткан сыяктуу.

Улуу Ата Мекендик согушка өз ыктыяры менен кетип, 1943-жылы кан күйгөн согушта Калинин облусунун аймагында баатырларча курман болгон. Жусуп атабыздын ысмын республикабыздын көчөлөрү, мектептери татыктуу алып жүрүшөт. Кан күйгөн согуштан кайтпай калса да, артындагы эли үчүн, келечек муунду патриоттуулукка, эрдикке, достукту баалай билүүгө шыктандырган керемет көркөм мурас калтырып кеткен атабызды ар дайым сыймык менен эскеребиз.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

"КЕГЕТИ" кафеси
Арзан Банкеттер!
Банкеттерди, (60 кишиге чейин) фуршеттерди, буйрутмаларды кабыл алабыз.
Жаныңызга салып беребиз.
Дарек: Бишкек ш., Сүйүнбаев 123/1,
(Чүй-Карпинка, Бишкек Ситинин маңдайы)
Тел.: 0 559 96-92-17, 0 773 53-37-41


# Мыйзамга ишенсең ушундай болобу?

50-абактын мурунку жетекчиси маркум Иманкул Телтаевдин өлүмү тууралуу туугандарынын демилгеси менен мамлекеттик тиешелүү кызматкерлердин, адвокат, эксперттердин катышуусунда тегерек стол болуп өттү. Ыраматылыктын туугандары анын өлүмүн Башкы прокуратура тергешин талап кылды




*Иманкул Телтаев өткөн айда камактан тогуз киши качып кеткени жана абак кызматкерлеринин өлүмүнө жол бергени үчүн кызматтан алынып, 2015-жылдын 11-ноябрында №1 абакка түшкөн. Ошондон көп убакыт өтпөй ден-соолугунун начарлаганы билинген. 20-ноябрда №1 абактын медициналык санитардык бөлүгүндө Иманкул Телтаевди асылып турган абалда табышкан. Анын жансыз денесин нөөмөттөгү кызматкер тапкан.*

## Мыйзам чегинде чечилет деген үмүттө болчу

**Иманкул Телтаевдин Чек ара кызматында иштеген улуу баласы Улан Телтаев** атасы өзүн-өзү өлтүрүүгө барбайт эле деген пикирин төмөнкүдөй билдирген: "Саат 11:30 чамасында тергөөчүнүн уруксаты менен атама кирип, сүйлөшүп чыккам. Анын ал-акыбалы жакшы экенин, жашаганга үмүтү бар экенин көзүнөн эле көргөм. Атам: "Балам мунун баары убактылуу кыйынчылык. Биз чыдайбыз. Колубузда кагаздар бар. Буюрса, маселе мыйзам чегинде чечилет", – деп айткан. Атам иним экөөбүздү чек арачы кылып тарбиялады. Карындашымдын бирөөсү Юридикалык Академияда окуйт. Акыйкат болсо, атам мындай болбойт эле. Мыйзам чегинде, колубузда бар кагаздын чегинде атамдын атын булгабай чечип берүүсүн суранам. Атам каалаcа качып деле кетмек. Бирок ал качкан жок, мыйзамга ишенди. Бул жерде кандайдыр бир, биз билбеген нерселер бар деп ойлойм. 33 жыл түрмө системасында иштеген эч ким аны жаман деп айта албайт. Алматыда аскер институтунда окуганымда, психология сабагында өзүн өлтүрүү окуяларын алдын алууга үйрөткөн. Мен баары бир сезмекмин. Эгер атамда андай ой болгондо, мен баштан кача кылмакмын. Бизге көп кишилер "митинг кылгыла, коомго чыккыла" деп айтышты. Биз эч нерсе кылган жокпуз. Анткени атам акыркы мүнөткө чейин: "Балам эч нерсе кылдырба. Мыйзам чегинде мен акталып чыгып жумушка кирем", – деген. Эмне болуп кетти өзүм түшүнбөй отурам. Мен атам менен жакшынакай сүйлөшүп чыккам. Негизи анын коопсуздугун караш керек болчу. Ал кылмышкер эмес да. 33 жыл түрмөдө иштеген адамды караш керек эле. Мен атам өзү өлгөнүнө ишенбейм. Анткени аны 2 небереси үйдө күтүп отурат".



## Жетекчилер бардык эрежени бузган

Ал эми маркумдун жактоочусу Улан Жумаков маркумга негизсиз айып коюлганын мындай баяндайт: "№50 абактан 9 кылмышкер качып кетүүсү боюнча маркум Телтаевге коюлган шалаакылык айыбы мыйзамсыз болгон. Биз баарыбыз билгендей, 2010-жылы уюшулган кылмыштуу топтор абакта кармала баштаган. Ошондой эле терроризм беренеси менен соттолгондор да кармалган. Телтаев өзүнүн каттарында ал жетектеген абак өмүр бою кесилгендерди кармап турууга ыңгайлуу эместигин жазган. Бирок ошого карабай, Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы (ЖАМК) бул боюнча чара көргөн эмес. Бардык эрежелерди бузуп, өмүр бою кесилгендерди ошол түрмөгө жөнөтө берген. Телтаев аскер адамы болгондуктан буйруктарды аткарууга гана милдеттүү эле. Ал абакта өзгөчө кырдаал болуп кетпеши үчүн колунан келген аракетин жасачу. Биз Иманкул Телтаевдин ишин калыстык үчүн Башкы прокуратура кароосун талап кылабыз", – дейт.

## 90 килограммдык адам асынып өлсө, сөөктөрү сынып кетиши керек эле

Ыраматылыктын бир тууган агасы Камчыбек Абелдиев күнөөлүүлөр өз жазасын алып, артында калган балдарга кара так калбасын деди. Ал: "Мага 7:45те инимерден ажырап калдыңар деп чалышты. Ал өзү өлүп калды дегенден алыспыз. Себеби, бул окуя 5-күнү болуп жатпайбы. Ал эми биз 3-күнү бирге болгонбуз. Аны суракка алып чыккан да да ошол жерде чогуу болдук. 4-күнү баласы кирди жолукканга. Анда деле абалы жакшы болчу. Иним ошондо: "Мен дежурканын жанындагы бөлмөдө жатам", – деп эч кандай оору жөнүндө айткан эмес. Биз анын оорусун, медициналык санитардык бөлүмгө барганын өлгөндөн кийин угуп жатабыз. Эртеси күндүзгү саат 4тө баласы жолугуп чыкса. Андан кийин кечки 8 чамасынан бери жаман болду дегенге күмөн санап жатабыз. Экспертизага алып чыкканда мен чогуу болдум. Инимдин салмагы 90 килограмм.



Асынып өлсө, сөөк сынып кетиши керек эле. Эксперт маркумдун сөөгү сынган жок, бүтүн деп тергөөчүгө айтты. Бул өлүмдү биз саясатташтырбай, Башкы прокуратура өз көзөмөлүнө алып, иштин аягына чыгып берсе. Күнөөлүүлөр өз жазасын алсын. Иним го өлдү, эми анын артында калган балдарына кара так калбасын".

## Кайрылууга кайдыгер мамиле жасоо - таңкалыштуу

**УКМКнын мурунку жетекчилеринин бири Марат Иманкулов:** "Аскер кызматында 30 жылдан ашык иштеп жүргөн адамды асынып өлдү деп жатат. Бул өлүмдү дыкат изилдеп, анан чечим чыгарышса. №50 абактан террористтер качты. СИЗОнун ичиндеги табышмактуу өлүмдөр болду. Эми №50 абактын мурдагы жетекчиси Иманкул Телтаев да каза болуп отурат. Бул тармакты жетектеген жетекчи биринчи кезекте кызматтан бошош керек болчу. Канчалаган кызматкерлери, анын кайтаруусундагы адамдар биринин артынан бири табышмактуу өлүп жатат. Тергөө бүткөнгө чейин жок дегенде ошол жетекчини кызматтан ала туруш керек болчу. №50 абактын жетекчиси ЖАМКтын жетекчисине: "Бул жерде аларды кармаганга шарт жок. Видеокамералар иштебейт", – деп улам-улам кат жөнөтүптүр. Ушундай кайрылуу болгондон кийин, кайдыгерлик кылып жооп бербей койгондору таң калыштуу болуудa".



## Мамыркуловдун учурунда асынып өлгөндөр көп

**Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын ички кызматынын полковниги Ишенбек Мусаев:** "Телтаев рапорторумду жактоочума бер, башка эч кимге бербе дегенде катып койгом. Көптөгөн кызматкерлерге чара колдонулушу керек. Эмнегедир эле Мамыркулов жетектеген учурда асынып өлгөндөр көбөйүп калат. Бул жерде Оштон асынып өлгөн дагы болгон. 2012-жылы дагы бир асынып өлгөн оорулуу бар. Ал жерди да Мамыркулов жетектеген. Мен күмөн санап атам. Элестетсеңер, өзү абактын жетекчиси болсо, СИЗОнун ичинде жыйырмадан ашык, персонал бар. Бирөөнү жанына коюп койгонго болбойбу? ЖАМКтын басма сөз кызматы мурун Телтаев асылганга шектүү экен деп жазып жатат. Антип сүйлөгөнгө анын кандай акысы бар? Басма сөз кызматы ошентип жазып жаткандан кийин Иманкулду кайтарыш керек эле. Мамыркуловдун бир адаты бар, келе калып эле чынчыл, мыйзамды сыйлаган адамдарды бир жерден алып бирине коюп айландыра берет. Алик Мамыркуловго шалаакылык беренеси боюнча иш козголуш керек".

*Биз №50 абактын мурунку жетекчисинин сырдуу өлүмүнүн себебин, абактагы коопсуздук каралбаганы, кызматкерлеринин жетишсиздиги, видеожаздуулар жана телефондорду бууй турган жабдуулар иштебей турганы боюнча эртеден кечке чейин ЖАМКтын басма сөз кызматына чалып жооп ала алган жокпуз.*

Ал эми Азаттык үналгысына ЖАМКтын өздүк коопсуздук бөлүмүнүн жетекчиси Эльбрус Токтомамбетов төмөнкүлөрдү айткан экен: "Жаза аткаруу кызматынын жетекчилиги, өздүк курам ушул иш акыйкат тергелип баары ачыкка чыкса экен деп күтүп отурабыз. Ооба, көп жагдайлар, кемчиликтер бар. Жок деп айта албайбыз. Жетекчилик деле эки колун жайып отурган жок. Ошол кемчиликтерди жоюу боюнча иштеп жаткан. Азыр өзүбүздө да ички иликтөө жүрүп жатат. Биз топтогон материалдын баарын тергөө органдарына беребиз" – деди ал.

*Кыскасы, "Маркумдун өлүмүнүн себеби кандай? Эмне үчүн мындай окуялар кайталанууда?", - деген суроолор жаралбай койбойт экен. Анткени ыраматылык буга чейин жетекчилерге бир топ ирет абактагы коопсуздук боюнча, кызматкерлеринин жетишсиздиги, жана көп жабдуулар иштебегени боюнча кат түрүндө кайрылыптыр. Бирок эмнегедир жетекчилик бул каттарга кайдыгер мамиле жасап койгондой. Ушундан улам абактагы мүчүлүштүктөр өз убагында жоюлса, мындай болбойт беле деген ой келет. Ал эми өмүр бою мыйзамга баш ийип, 33-жыл түрмөдө эмгектенген адамдын сырдуу өлүмү сыр бойдон кала берет окшойт.*

Материалды даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Эрдогандын жанында суйкайган Путин

Түрктөр орус учагын атып түшүргөндөн кийин Россия президентинин"дос элек" дегенинде жөн бар болчу. Эрдоган Путиндин эгизиндей эле болуп бара жаткан. Чынында эле ал орус президентинин эң жакшы шакирттеринин бири болчу



## Түрк президенти менен премьери тирешүүдө

1-ноябрда өткөн кезексиз шайлоодо Түркиянын президенти колдогон Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы (АӨП) элинин 49% добушун алып, өзү жалгыз өкмөт түзүү укугуна ээ болгон. Бирок бул сапар өкмөт түзүү мурункудай шар кеткен жок. Себеби акыркы шайлоодогу үлкөн жетишкендикте премьер-министр Ахмед Давутоглунун да чоң үлүшү бар болчу. Классикалык парламенттик башкаруусу бар Түркияда президенти экинчи ирет гана эл тарабынан түз шайланган. Бир уктаса жети жолу Путинчесинен мамлекетин жеке башкаруу түшүнө кирип жаткан Эрдоганга Давутоглунун күч ала баштаганы жарага туз сепкендей эле болуп турат. Азыркы түзүлгөн өкмөттө күч органдарын Эрдогандын адамдары, экономика жагын Давутоглуга жакындар алган сыяктуу. Баары сатылган түрк саясатында акча булагы өтө маанилүү. Бирок, Түркияда расмий каржы булактарынан сырткары көмүскөдөн агып турган ири дайралар бар. Алардын эң эле ашып-ташып турганы – согушка белчесинен баткан Сириядан ташылып жаткан мунайлар. Мунай булактарынын бир тобун Ирак жана Шам ислам мамлекети (ИШИМ) делген террор тобу көзөмөлдөйт. Учагы жок кылынганына ызаланган орус тарап ИШИМ сордуруп жаткан мунайдын дээрлик баары Түркия аркылуу дүйнөлүк мунай базарына чыгарылууда деп жар салды. Алардын айтымында, түрктөр Сириядан ташып чыккан мунай Түрк Энергетика министрлиги аркылуу сыртка экспорттолот. Дал ушул министрликтин башына 24-ноябрда Тайип Эрдогандын күйөө баласы Берат Байрактар отурганы шектүү эмеспи. Андан сырткары, түрктөр аркылуу Сириядагы ИШИМге курал-жарак жана жаңы согушкерлер кирип жатат дейт орустар. Иши кылса Сириядагы согуш Тайип Эрдогандын жакындары үчүн соолубас каржы булакка айланган. Анан албетте жакын санаалаштар Эрдогандын Путиндей бекем бийликке ээ болуп, ошол эле убакта Орто Азиянын президенттериндей түбөлүктүү орунда калуусун каалашат.

## Орустун оюнуна кабылган Эрдоган

Орусиянын президенти Владимир Путиндин «Түркияга жакын токойлуу тоолордо орус мамлекети издөө салган кылмышкерлер бар» дегени да куру сөз болбошу мүмкүн. Анткени, Чеченстандагы орус армиясына каршы согушкандарды Түркиялык кээ бир топтор ачык эле колдоп келгени жалпыга маалым. Мына ошол согушкерлердин согуштан сырткары дагы бир өнөрү бар болчу. Чеченстандагы мунайды ошол бойдон сатуу, же аны иштетип бензин жана дизель майын чыгаруу. Кыскасы, алар мунайдын кызылдай акча экенин жакшы билишчү. Мына ошолор түрктөргө жакын түркөмандар менен бирге, Түркияга «агылган» мунайдын негизги жолдорун Сириядагы ар кандай согушкер топтордон коргоп келишкен. Мына эми террорчулардын негизги каржы булагы эмне экенин жана аларды кантип бууш керектигин жакшы билген орустар эки жумадан бери түркөмандарды баш көтөртпөй калды. Натыйжада, орустун абадан берген жардамы менен бул майлуу жолдор Сириянын президенти Башар Асадды колдогон аскердик топторго өтө баштады. Айтмакчы, орус учагы атылып түшкөнүнөн бир апта мурун Эрдогандын санаалаштары көзөмөлдөгөн Түркиянын ЖМКларынын 70-80%ы капсалаң күнгө кабылган түркөмандардын видеолоруна жана сүрөттөрүнө толуп кеткен. Ошондон көп өтпөй, айтылуу орус учагын түрктөр атып түшүрдү. Бул жерден Эрдогандын да түшүнсө болот. Жүз миллиондогон доллар киреше берип жаткан бизнестен Түркиянын атайын кызматы менен аскер башчылары жана Эрдогандын жакындары кантип баш тартат эле? Демек, орус учагы түрк аба чегине 17-40 секундук мөөнөткө өтүп кеттиби, же 10 мүнөткө эле кирдиби, же анын түтүнү эле түрктөр тарапка оодубу, айтор баары бир чабуулга кабылмак.

## Жардамгабы, же мунайгабы?

Владимир Путиндин Сирияга сунний же шииттер тарап болуп кирген жокпуз деген сөзү да туптуура. Аккан арыктан суу агат дегендей, мунай нугун суудан жакшы эле табат. ИШИМге го мунайды кайда сатса да баары бир. Түркия тарап буулуп калса, илгертен көнүшүп калган Башар Асадга деле сата беришет. Жакында Москвага барып келген Асад болсо, Путин менен орусту оозунан түшүрбөй калды. Кыскасы аюу «аюулук үлүшүн» эми Сирия президентинин мунайынан алат окшобойбу.

## Жалганчы Эрдогандын арты кууш

Жакында түрк авиакомпаниясынын бир кызматкери менен сүйлөшүп отуруп бир нерсени байкадык. Көрсө, мурун чаң жугузбай мактап келген төбөлүн эми алар «бети жок ууру» деп калыптыр. Жырткыч сапатын кийген лидерди үйүгүшкөн иттер гана ээрчийт эмеспи. Алар акыркы сурамжылоолорго караганда, түрк коомунун 30%ынан ашыгыраагын түзөт. Бирок, ачыккан жырткычтар алсыраган башчысын бат эле тытып жеп кетиши мүмкүн. Азыр түрктөрдү Москванын аэропортунан кайра кайтарып жатышат. Орус шаарларында иштеп жаткан түрк компанияларынын иштери токтоду. Түрктөр көчөгө чыккандан коркуп батирлерге тыгылып, Путин устат менен Эрдоган шакирттин элдешүүсүн тиленип жаткан кездери. Башында "дагы учуп киришсе, дагы атабыз" деп эрдемсинген Тайип мырза кечээ жакында "катуу өкүнүп атабыз" деген сөзгө өттү.

## Путин да Эрдогандай калпычыбы?

Саясатчылардын чекесине чыккан чыйкан болгон интернет Эрдоганды да катуу жүдөттү. Мурдатан эле сырттагылар үчүн бирди айтып, өз шайлоочуларына теңирден-тескерисин айтып көнгөн түрк лидеринин бурчка такалып калган кези. Айрыкча анын калпын бүткүл дүйнөлүк аброю күн санап артып бараткан Владимир Путин ашкерелей баштаганы оор болду. Ага катуурак жооп кайрыйын десе, ого бетер баткака башы тыгылгыдай. А орус лидеринин сөздөрү болсо, интернет айдыңында желдей тарап, октой тийип атат. Айрыкча, Путиндин түрк тарабынын акыркы жалганына күлгөнү Түркияда чоң маалымат толкунун жарата баштады. Түрк тараптын Сириядан мунайды «жок кылуу үчүн» ташып жатабыз дегенине, Орусия лидеринин «анда жок кылынып жаткан мунайдын түтүнү кайда?» деп айласын кетирип турган чагы. Батыштык жалпыга маалымдоо булактарынын «Путиндин жалган маалыматтары» деп асылган нерселери Эрдогандыкына салыштырганда аскердик жана саясий стратегия сыяктуу болуп калды. Мисалы, Крымдагы «жашыл адамдар» делген согушкерлерден баштап, азыркы орустардын террорчуларгабы же патриотторгобу, айтор, кайда болбосун урулуп жаткан соккулары болушунча мыйзамдаштырылгандай таасир калтырууда. Ал эми Эрдогандын айткан жалгандары болсо, бирине-бири коошпой, ойду-келди урдурулган жаш баланын кебине окшош.

## Орустар Түркия менен согушууну каалайбы?

Сириядагы согуш Түркияда да тутанып кетишин Батыш каалабайт. Ирактык, же Сириялык мусулмандар үчүн чоочун саналган Европа, туугандары жарандык алган түрктөр үчүн экинчи мекениндей. Эгер Европага түрк эли агыла баштачу болсо, анда алардын демографиясы бир заматта астын-үстүн болушу мүмкүн. Ошондуктан батыш лидерлери үчүн Түрк лидеринин алмашуусу жагымдуурак. Бирок, Батыш сүйбөгөн лидерди ким колдойт? Албетте, орустар колдойт. Демек Путин менен Эрдоган элдешүүгө аргасыз. Анткени менен элдешүүнүн куну түрк тарап үчүн күн өткөн сайын артууда. Айтмакчы, түрк жана орус лидерлери элдешкени менен эки тараптын бир топ күүлөнүп алган бюрократиясы токтой алар бекен? Мунун баары өзүнчө көйгөй, өзүнчө маселе.

## Путинге ишенүүгө мажбурбуз

Адамдарга адептүү мамиле кыла албагандын Жараткан алдында адептүү болуусу да оор. Ар бир эл адилеттүүлүктүн эң сонун үлгүсүн көргөзө алган. Ошол эле убакта зулумдуктун да уусуна алдырган убактары болгон. Владимир Путин орус калкынын эң жакшы сапаттарын ойготкусу келгендей түрү бар. Орус калкы аны туура түшүнө алабы же түшүнгөнгө үлгүрөбү ал башка маселе. Путин акыркы учурда «Мусулмандар жана түрк калкы менен чатагыбыз жок. Бирок учурда түрктөрдү башкарып жаткан инсандар менен жана исламга көө жапкандар менен ишибиз бар» деген оюн билдирип келет. Жакында болсо Библия жана Куранды коргоо буйругуна да кол койду. Эмесе, биз Кыргыз жана мусулман катары жакшы ниет жарым ырыс деп ишенип туралы.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Качанга чейин элди кыйнай беребиз...

Ошол «деңгээли пас, базар адамы» деп бөлүп койгон адам жаман болсо да кыргыз киносун көрөйүн деп, биздин жаман кинобузга акчасын, убактысын коротуп атканына сүйүнүшүбүз керек эле. Көрүүчүлөрүбүздү экиге бөлүп, өзүбүздүн күнөөбүздү, өзүбүздүн сабатсыздыгыбызды аларга шылтабай, өз деңгээлибизди билип алсак жакшы болмок



## Көп эле акча короп жатпайбы

Баарыбыз билгендей кыргыз киносу бир кезде дүйнөлүк кино асманында өз ордун таап, эл аралык деңгээлдеги өтө сапаттуу тасмаларды тарткан. Ал убактагы режиссерлорубуз бизге үлгү боло турган өтө көп эмгек калтырып кетти. Аларды көрүп отуруп, бир эсе сүйүнүп, бир эсе кайгырып алам. Албетте, агаларыбыздын бизге калтырган мурастары бизди сүйүндүрбөй койбойт. Бирок, ошол эле учурда «эмнеге азыр ушундай тасмаларды тарта албайбыз?» деген ой мени капаландырат. Бул пикиримди угуп мага кошулбачулар да чыгышы мүмкүн. Анткени акыркы жылдары «кыргыз киносу кайра жаралды» деген кептер да айтылып жатат. Чынында, азыркы киночулар дагы эч кандай колдоосуз, жалаң өз күчтөрү менен канчалаган кинолорду тартышты. Мына ошол кино тармагына аралашып жүргөн, кинонун казанынан аш сугунуп калган ар бир адамдан сурасак кептин жыйынтыгын «Каражат жок. Мамлекет колдобойт. Союз убагында мамлекет акча бөлүп тургандыктан жакшы тасмалар жарыкка чыккан» деген жоопту угасың. Бирок, мен ушул көз караш канчалык деңгээлде туура экенин билгим келип жүрөт.

Албетте, акча ар бир тармакта өтө чоң орун ээлейт. Кинематографияда да акчанын орду чоң. Бирок, ошончо жаман, сапатсыз кинолорго корогон акча менен деле жакшы кинолорду тартсак болот эле да. Анан калса, кай бир кинолорго мамлекеттен деле акча бөлүндү. А натыйжа болсо баягыдай эле. Демек, бул жерде кеп акчада эмес окшобойбу...

## Абдылданын персонажындай «майли» дей берелиби

Кино – искусствонун туу чокусу деп бекеринен айтылбаса керек. Чыныгы кинонун сүймөнчүктөрү бул сөздү толук түшүнөт деп билем. Анткени менен азыркы кинотеатрларда арты-артынан тынбай чыгып аткан тасмаларды туу чокуга коё албайбыз. Балким, кай бир тасмаларды туу тутуп, барктап, мактап жаткандырбыз. Бирок, бул деле жөн гана кыргыз элинин кичи-пейилдиги болсо керек. Жакпаса да жакты деп, «Жок дегенде аракетин баалап коёлу. Эч жасабай койгуча, жаман да болсо бир нерсе кылып атат» деп көтөрмөлөп койгон жайыбыз бар. Бирок, бул качанга чейин ушунтип улана берет?! Качанга чейин элди кыйнап, маанисиз, максатсыз тасмаларды тарта беребиз? Эптеп-септеп бир-эки айда чампалай калып, эптеп киного окшоштуруп туруп «Боло берет. Иши кылып бир окуя болсо болду» деген качан калат? Катуу кетсем кечирип койгула, «каарман үйүнөн чыгып бокко бети менен сайылсын, анан аны байкабай жүрө берсин» деп эле калжаңжалжаңды тарта берсек, эл көрө берет деген туурабы. Эптеп бир каткырып чыкса болду да деген мамиле болуп атпайбы азыр. Балким, 5-6 жыл мурун мындай тасмалардын сапатына көз жумуп, «кичи-пейилдик» кылсак жарашат эле. Бирок эми деле ошол эле деңгээлдеги тасмаларды көрүп, жыргай бергенибиз жарашпай бaратат го...

## Сапатсыздык базар режисерлорунан чыгууда

Кээ бир режиссерлордон «Көрүүчүнүн деңгээли пас. Ошондуктан көрүүчүгө жараша кино тартабыз» дегенин да угуп калдым. Мисалы өткөн жылы жаш киночуларыбыздын бири «Көрүүчү экиге бөлүнөт. Биринчиси акылдуу, сапатты түшүнгөн көрүүчү. Экинчиси базар деңгээлиндеги көрүүчү» деп экиге бөлүп койду. Анан ошол базар деңгээлиндеги көрүүчүлөр киного киргендиктен, аларга арнап жаман тасмаларды тартабыз деп жыйынтык чыгарды. Мына ушундай пикирди укканда же ыйлаарыңды, же күлөөрүңдү билбей калат экенсиң. Мааниси жок кинолор кайдан чыгып атканын түшүндүм ошондо. Ошол «деңгээли пас, базар адамы» деп бөлүп койгон адам жаман болсо да кыргыз киносун көрөйүн деп, биздин жаман кинобузга акчасын, убактысын коротуп атканына сүйүнүшүбүз керек эле. Көрүүчүлөрүбүздү экиге бөлүп, өзүбүздүн күнөөбүздү, өзүбүздүн сабатсыздыгыбызды аларга шылтабай, өз деңгээлибизди билип алсак жакшы болмок.

## Жети күндүк Хичкоктор эки күндүк тасма тартууда

Ачыгын айтканда азыркы жаш киночулардын деңгээли өтө эле пас. Жети күндүк мастер класстан сертификат алып, Хичкокту, же Тарантинонун бир киносун көрүп-көрбөй киночу болуп калышат. Кээ бирлер болсо «мен арт-хаус тартат элем» деп таптакыр эле түшүнүксүз кино тартып салышат. Кыскасы ортодо аткан минерлерибиз айткандай карапайым калк эле кыйналат экен. Бири «деңгээли пас» деп маанисиз, калжактаган комедия тартып берсе, бири «Кааласаң түшүнүп ал. Түшүнбөсөң ал менин күнөөм эмес» дегендей кылып, ашкере «акылдуу» кино тартып салат. Карапайым калк эмне кылсын анан? Колунан келишинче аракет кылып «колдоп коёлу, өзүбүздүн кинону көрөлү» деп маңдай тери менен тапкан акчасын берип, алтындай убактысын бөлүп көрүп атышат. Бирок бул канчага чейин созулат деги? Ансыз деле акыркы күндөрү элибиз сапатсыз тасмалардан тажап баратканcыйт. Канчалаган кинолор банкрот болуп, эки-үч күнгө жетпей кинотеатрлардан алынып атат. Деги «акча жок, мамлекет каржылабайт» дейин десем, кинолор тартылып эле, каражат табылып эле жатканcыйт.


Кыскасы, кеп каражатта эмес, аны туура сарптаганда болуп жаткандай. Эптеп эле бир окуя кылып, эптеп эле күлдүрүп, калжактатпай, болбогон сөздү сүйлөтпөй, сапаттуу кино тартсак жакшы болмок. Азыр биз «кыргыз киночулары» жок дегенде аракет кылып атабыз деп өзүбүздү алдап жүрөбүз. Бирок канчага чейин «аракет» кылабыз. Азыр аракет кылчу эмес, натыйжа чыгарчу мезгил келди. Ушундан улам, ар бир режиссермун, же режиссер болот элем деген адамга жоопкерчиликти сезе билүүсүн суранат элем. Кинону жөн гана атракцион катары, көңүл ачуунун бир катары кабыл албашыбыз керек. Кино өтө маанилүү жана жоопкерчиликтүү жумуш. Кино аркылуу бүтүндөй бир мамлекетти, бир элди багыттап, алга сүрөп кетсе да, же туңгуюкка кептеп салса да болот.

ЖАНДАРБИЕВ КЕРКУДУК

# Биз сүйгөн кинолор



Үстүбүздөгү жылдын 3-декабрынан 9-декабрына чейин улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган кино жумалыгы өтмөкчү. Бир убактарда кыргыз киносун көз жеткис бийиктикке чыгарган бул кинолор «Кыргыз киносу» кинотеатрында болгону турат. Ушул жума аралыгында ким болбосун кино тасмаларды көрүп, тарткан адамдар менен бетме-бет тааныша алат. Бул салтанатты Т.Океев атындагы «Кыргызфильм» улуттук киностудиясы уюштурду.



## Жума ичиндеги көргөзүлө турган кинолордун жадыбалы:

**3.12 – 11:30 Жуманын ачылышы, «Ак кеме» - режиссёр Болотбек Шамшиев, 1976 ж.;**
**4.12 – 10:00; 12:30, «Кош бол, Гүлсары» - режиссёр Сергей Урусевский, 1968 ж.;**
**5.12 – 10:00; 12:30, «Кызыл алма» - режиссёр Төлөмүш Океев, 1975 ж.;**
**6.12 – 10:00; 12:30, «Ак кеме» - режиссёр Болотбек Шамшиев, 1976 ж.;**
**7.12 – 10:00; 12:30, «Биринчи мугалим»- режиссёр Андрей Михалков-Кончаловский, 1965 ж.;**
**8.12 – 10:00; 12:30, «Эрте келген турналар» - режиссёр Болотбек Шамшиев, 1979 ж.;**
**9.12 – 10:00, 12:30, «Жамийла» - режиссёр Ирина Поплавская, 1969 ж.**

# «Түшүң түлкүнүн тезеги. Ичиңден тап болуп, ар кимге кек сактай бербе!»



**1. Бала менен кыз аябай жакшы кыз жигит болуп жүрүшүп, үйлөнгөнгө чейин эле кыздын намысын алып койду. Бирок кийин экөөсү тең башка турмуш жолго аттанышты. Аларга эмне болот?**

*Аты белгисиз*

**Жооп:** Эмне болот эле? Эки акмак эки жолго аттанган болот. Ал барып бирөөнү алдап жашайт, сен дагы периште болуп бирөөгө үйлөнөсүң. Сага келгендин сен канчанчысы экенин сага келген менен Кудай Таалам билбесе, башка эч ким билбейт. Ошентип алдоо айланып жүрө берет.

Ук, береке тапкыр! Жакшы кыз жигит болуп жүрөт деген түшүнүк жок, болбойт дагы. Шайтандын таасиринде калгандар кыз-жигит болот. Наркссыз кыз менен намыссыз жигит кыз-жигит болуп жүрөт. Кыз каадасы менен болуп жүрсө, никеге чейин эркe желден башка этегин ачпаса, намысы менен келсе, бактылуу болор. Жигит да абийрин сактап, ала жипти аттабай жүрсө абийирдүү жарга туш болот. Тооба кыл, балдарыңа жамандыгын жетпесин!

**2. Жука маасынын үстүнөн байпак кийип алып, кийин байпактын үстүнөн масх тартса болобу?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Маасынын үстүнөн жука байпак кийген учурда, ага масх тартууга болбойт. Эреже катары айта турган сөз: жука маасынын үстүнөн кийилген бут кийим (чарык, кышкы өтүк, калың байпак, валинке) өзү да масх тартылууга жарай турган болуусу кажет.

**3. Аял киши чачын кыркуу, боёо боюнча фатвалар барбы?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Аял кишиге чачын себепсиз эле кырктыра берүүсү макүрү (дурус эмес) иш болуп эсептелет. Чачы канчалык узун болсо, ошончолук жакшыраак. Бирок башы биттеп, сиркелеп кетип, кашынан ылдый куюлуп турса, же бир жарыбагыр оору менен ооруса, же чачы ого эле көп болуп гусул алуудан кыйналса, анда, мүрүсүнөн узунураак кылып кыскартса, уруксат берилет.

Аял киши үйүндө каалагандай боёнсо жарай берет. Көчөгө боюнуп чыккан арам. Деги эле көчөгө боёнуп чыккан аялды таптакыр түшүнө албаймын. Эмнеге жана кимге боёнот. Кимге жасанат. Күйөөсү үйүндө болсо, көчөдө ойношу барбы, же аны издеп жатабы? Айтор, түшүнбөймүн...

**4. Намаз окуп баштадым, бирок атам каршы, окуба, мечитке барба дейт. Алдап Сирияга жөнөтөт деп көп айтат. Мечиттен келсем эле атамдын маанайы түшөт. Ата-энелерге даават кылса болобу негизи?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Кудай Таалам ушул немат жакшылыгынан сени ажыратпасын! Мечитке колуңдан келгенде бар. Атаңды капа кылба! Атаңа айтып кой: Сирияга азгыргандарды интернет аркылуу азгырып жатышат, мечиттерден андай фактылар баамдала элек!

Ата-энеге даават кылуу оор жумуш. Жакшысы, сен аларга дуба кылсаң, Кудай Таалам аларга даават кылчуларды жеткирет.

**5. Дуба кылуу менен тагдырдын өзгөрүүсү мүмкүнбү?**

*Ош, Чыңгыз*

**Ж.:** Пайгамбарыбыз алайхис салам «Дуба тагдыды өзгөртөт» деп айтат. Мааниси: Ким жаман жолдо жүрүп, бирок дуба кылса, Кудай Таалам дубасын кабыл кылып, анын жашоосунун нугун жакшы жакка өзгөртөт. Бирок, мына ошол өзгөрүү да тагдырга жазылган болот. Кудайдын илиминин чексиздиги мына ушунда, бир тууганым!

**6. Менин акем үйлөнгөнүнө 10 жылдан ашты, келинчеги башка улуттан, (мусулман эмес ) балалуу болуша элек. Акыркы убактарда бала багып алмак болуп жатышат, же суррогатная мать дегендер чыккан ошондой жалдама жол менен да балалуу болсок деп жүрүшөт. Ушундай кылгандары шариятыбызга туура келеби?**

*Жалал-Абад, Чыңгыз*

**Ж.:** Бул маселе боюнча «карын эне кайгысы» деген макала жазган элем. Плей маркеттен таап окусаң болот. Жыйынтык сөз: эгерде жубайлардын балалуу болбой бирге жашоосу кыйынчылык туудура турган болсо, анда никелүү жубайлардын, эркегинин уруктугун аялдын карынына салып, жасалма жол менен төрөтсө болот. А бирок, сырттагы эле бирөөнүн жатынын ижарага алуу туура эмес. Арам.

Бала багып алганына шариат каршылык көрсөтпөйт.

**6. Тагамдын кызына үйлөнсөм болобу? Махрам намахрам деген нерсеге кенеңирээк токтолуп берсеңиз?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Тагаңдын кызына үйлөнсөң болот. Махрам дегенибиз, сага никеси дурус болбогон туугандарың, ал эми намахрам дегенибиз, сага никеси дурус болгон тууган жана тууган эмес адамдар. Мисалы апаң, эжең, бир тууган таежең сага махрам болот. Ошондой эле аялың да сага махрам деп эсептелет.

**7. Менин бир эжем руханий оору менен ооруп жатат. Ошого жардам керек, жинди окуп чыгарган күчтүү молдолордун даректерин бериңиздерчи.**

*Ош, Бегимай*

**Ж.:** Бишкектеги Ынтымак жаңы конушунда Жыргал каары, КАСИ мечитинде Нурмухаммад каары, Дордой мечитинде Жумалы ажы, Борбордук мечитте Качкын абалар бар.

**8. 2 жыл мурун катуу стресс болгом. Ошондон бери аябай коркок болуп калдым. Бир нерсе болуп кетчүдөй өзүмдөн өзүм корко берем. Бул эмне? Муну окутуу, кыргызчылык жолу менен кетирсе болобу? Бир карыга барсам, мужамил кылыш керек деди. Бул эмне деген сөз? Ушундай түшүнүк барбы?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Окутуу жолу менен кетирсе болот, албетте! Бирок муну кыргызчылык эмес, мусулманчылык жолу десеңиз эп болгону турат. Анткени азыркы учурда кыргызчылык дегенде теңирчиликке жакындаган, тоо-ташка сыйынган, бүбү-бакшыга көрүнгөндөрдү айтып калышты, тилекке каршы.

Ал эми сиздин айтып жатканыңыз "Мужамил" эмес, "Хижаама" болуусу керек. "Хижаама", сүннөттө көрсөтүлгөндөй тариздеги кан чыгарууга буйруйт. Мен билгенден эң жакшы хижаама алуучу Д.Замир (0700 02 25 80). Аялдар хижаама үчүн ал кишинин жубайына кайрылса болот, анткени ал киши да жогорку билимдүү врач.

**9. Менин жолдошум бар, бирок ата энеси бизден көп суммадагы акчабызды алып силерди үйлөнтүп жолуңарды ачабыз деген. Алган акчадан дайын жок, бизди үйлөнткөн жок. Өзүбүз нике кыйдырып, бактылуу жашап жатабыз. Сүйлөшпөй да калдык.**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Ата-эне менен сүйлөшпөй коюу туура эмес. Ата-энеге "уфф" деп жактырбагандай таризде жооп берүүнү арам кылган касиеттүү Куран. Ал эми ата-энеге сүйлөшпөй коюу жаактан ары чапкан менен барабар, балким андан да катуураак таасир калтырат. Ата-эне канчалык ката кетирбесин, ал ата-эне макамын жоготпойт, бир тууганым! Ошондуктан, ак чөп башта!

**10. Аял киши намазын үнүн чыгарып окуса болобу. Ичинен окуса адашып кетет. Көзүмдү жумуп окусам, эч нерсени ойлобой жакшы окуймун. Көзүмдү ачсам, ал жак бул жакка көзүм түшүп, оюм бөлүнө берет. Кандай кылсам туура болот?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Купуя окуунун эң эле аз өлчөмү өзү уккандай болуу керек. Андан төмөнү кыраат деп эсептелбейт. Ал эми жарыя окуунун эң эле төмөнкү өлчөмү, окуп жаткан адамдын жанындагы кошунасы уга турган болуусу зарыл.

Намазда көз ачык болот. Бирок, сиз айткандай абалда, көздү жумуп окууга уруксат берилет. Анткени, намазда көңүл чар тарапка таркабоосу кажет.

**11. Таблиг жамаатынын акыйдасы биздин Ханафий масхабынын акыйдасына туура келеби?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Ооба, таблиг жамаатынын акыйдасы акыйдабызга, мазхабы мазхабыбызга туура келет. Эч кандай чочулоонун кереги жок. Болгону, дааваттын машвара-кеңешмесине, даават бөлүмүнөн чыккан буйруктарына моюн сунуулары милдеттүү. Моюн сунбагандардан ар кандай жамааттар пайда болуп кетүүдө.

**12. Менин жездем Россияда, эжем Кыргызстанда. Алардын 3 баласы бар. Жездем телефондон 3 талагын бердим дептир, эми кайрадан жашашса болобу?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Бул маселеде кенен жана туура жооп берүү үчүн жубайларды чогуу абалында сурамжылоо керек болот. Болбосо, арпаны кам оргондой болуп калат.

**13. Даарат алып бүткөндө, тишиң канап кетсе даарат бузулабы, устаз?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Ооба, карагым! Даарат бузулат. Истинжа амалын аткарбай эле, дароо кол даараттy ала бересиң. Кол даарат деп, истинжа (даараткана кирүүсү) жок даарапы айтып жүрөбүз.

**14. Балабыз алты жашта, сүнөткө олтургузалы десек, жуп санда болбойт деп коюшту. Ушул туурабы? Балдарды канча жашынан олтургузуш керек?**

*Ош, Миргүл*

**Ж.:** Болбогон кеп. Ага маани берүүнүн кереги жок. 3-4 жаштан баштап олтургузса боло берет. Болгону, жакшы адисти табууга маани берүү зарыл.

**15. Имам салафи туугандардан, мен ханафи. Биздин бирге окуган намаздар кабыл болобу?**

*Бишкек, Руслан*

**Ж.:** Жарай берет. Болгону, байпагына масх тартып, ошол бойдон имамга өтсө, уюганга болбойт. А бирок, көрбесеңүз боло берет.

**16. Атамдын кайтыш болгонуна 6 жыл болду. Түшүмө кире берет. Түшүмдө атам башка аял алып бизди таштап кеткен болот. Менин ага жиним келет. Экинчиси мен жаман, сасык, толуп калган даараткана кирип ал жактан чыга албай ушунчалык ыңгайсыз болуп кыйналам. Мына ушул эки түш кайра-кайра кайталана берет.**

*Бишкек, Бакыт*

**Ж.:** Түшүң түлкүнүн тезеги. Даарат менен жат, намазды калтырбай оку. Ичиңден тап болуп ар кимге кек сактай бербе! Ар намаз сайын атаңа арнап Куран багыштап тур. Баары ордуна келет.

**17. Менин жолдошум эки жыл мурун менден үч айга алыстап кеткен. Ошондо тааныш бир эркек кучактап бетимден, оозумдан өпкөн. Кайра жолдошум үч айдан кийин келген азыр жашап жатабыз. Нике бузулбадыбы?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Никең го бузулган жок, бирок көңүлүң бузулуптур. Тооба кыл, өткөн ишке өкүн. Эч кимге айтпа! Экинчи кайталаба. Никең бузулган жок десе, ар кимге кучактатып, оозунан өптүрсө боло берет экен деп кыялданып алба! Кылган ишиң арам!

**18. Мектепте балдарыбызга кызамыкка каршы вакцина берип жатышат, оорубаса деле. Алдырбай эле койсок болобу?**

*Аты белгисиз*

**Ж.:** Мен алдырганды каалабас элем...

**19. Хиджапты арaптын кийими деп эсептейм. Эмнеге жоолук салынып,узун көйнөк кийсек жарашпайт,сөзсүз башка элди тууращыбыз керекпи? Айтат го, намаз окубай коюу мүмкүн,бирок жоолук салынбай коюу мүмкүн эмес деп. Азыркы учурда капкара болуп бетинен бери чүмкөнүп жүргөндөр көбөйдү. Бул нерсеге кандай карайсыз? Балагатка жете элек оюн десе оюнга,күлкү десе күлкүгө тоё элек жаш наристелер балалыгы менен эрте коштошуп жатпайбы?**

*Ош,Бегимай*

**Ж.:** Сиздин айтканыңыз туура. Кара кийинбей, мини юбка, кыска кийбей, жылаңбаш болбой, узун-этек, узун жең кийип жүрсө эмне болбосун? Кара кийим кийгени жагымдуу эмес, бирок тизеси менен башын ачып жылаңбаш жүргөнү таптакыр жакшы эмес. Кээде жылаңбаш аялдар хижапка асылышат. Бул жанагы кой менен эчкинин мисалындай болот. Жапкак куйруктуу кара кой арыктан секирип кетсе, куйругу көтөрүлүп аврети көрүнүп калат. Аны көргөн сур эчки ичин тырмап күлөт имиш, "көчүгүң көрүндү!" деп. Сур эчкинин аврети дайыма ачык болуп, чычаңы көтөрүлүп турганын элдин баары билбесе, сур эчки билбей калат окшобойбу?!

Жаш кыздардын жоолук салынуусу боюнча. Кыздар тогуз жашынан баштап эле жоолук салынганды үйрөнүүсү керек болот. Балдардын эркине койсок алар сабакка да баргысы келбейт. Эртең менен тургусу келбейт. Кечке телевизор менен интернетте жашап алгысы келет. Андыктан аларды кээ бир нерсеге мажбурлашыбыз, көндүрүшүбүз керек болот. Балдарыбыздын келечеги үчүн спорт кружокторго, атайын мектептерге беребиз. Аларды кээ бир китептерди окууга мажбурлайбыз. Мисалы менин балам кышта да баш кийим кийгиси келбейт. Мен аны баш кийим кийгенге мажбурлаймын. Ал эми кичинекейим күн сайын балмуздак жегиси келет. А бирок анын тилеги ар дайым аткарыла бербейт. Ошондуктан кичине кыздарга жоолук салдыруу пайдадан башка зыяны жок, бир тууганым!

# Күрүчтөн жасалган кумурскалар...



Уяхан Хахамбай эмне кылаарын билбей, бөлмөсүндө аркы-терки басып, башын кашып жүрө берди. «Эми эмне кылыш керек? Эми кантем?» деп туталанып жатты ал.

- Баягы Наромби шүмшүк эле. Ушундайда бир айласын тапмак. Аны да зынданга салып жоготтуңар, - деп жанында отурган Темр Сарга кыйкырды.

Темр Сар болсо үн каткан жок. Үн катмак тургай «Эптеп бир жыл чыдасам мен да ушунтип кыйкыра баштайм» деп кымылдап койду. Бирок, ага акыркы күндөрү убакыт токтоп калгандай сезилчү болду. Айрыкча үйүндө отуруп калса эле бүттү. Тим эле баары токтоп калат. Ошондуктан жан талашып тияkка-бияkка чуркай берет. Кээде жалгыз калганда уяхандарды туурап басып, өзүнчө койкойуп калат. Уяхандарды туурап жөтөлөт. Сүйлөп баратып токтой калып кабагын бүркөп, мойнун койкондотуп эки жагын карайт. Кыскасы, ар бир кыймылын баптагысы келет. Мына азыр деле Шашанын өзүнө кыйкырганын дароо өзүнө сиңирип алды. Кечинде үйүнө барганда күзгүнүн алдына туруп кыйкырып көрөт го. Окшоштуруш керек баарын. Баарына даярданыш керек...

Хахамбай болсо аны карап да койгон жок. Азыр анын жүрөгүн башка нерсе өйүп турат. Бая күндөн бери эч нерсе укпаганкөрбөгөн неме болуп, унчукпай кутулам деп жүрдү эле, эми минтип Францияга барыш керек болуп атат. Ал жактан экөөнө тең жолугат эмеспи. Ошондо кантет? Эмне кылыш керек? «Экөөңдү тең урдум деп баса берсемби. Ансыз деле бир эле жыл калды» деп да ойлонуп көрдү. Бирок, болгудай эмес. Кокус бир жылдын ичинде качууга туура келип калса, кайда барат? Жок, такыр антпеш керек. Анда кандай кылат? Ошентип ал Францияга баргандагы өзүнүн абалын көз алдынан өткөрүп, терең ойго батып кетти...

Мына, дубалдарына түркүн түстүү улулдүн кабыктары жабыштырылып, жалтырата боёлгон кенен чоң уя. Шыптын чок ортосуна туш тарапты жаркыратып жарыkка бөлөгөн алмаз күкүмдөр жөргөмүштүн желесине байланып турат. Ортодо болсо экиден, үчтөн болуп акырын кобурашып жайнаган уяхандар жүрөт. Алардын кай бирөөлөр жаңы келип, кучакташып көрүшүп атса,кай бири эчак эле келип, жайгашып отуруп калыптыр. Уянын төрт бурчунда болсо аппак катуу күрүчтөн чегилген кумурскалардын эстеликтери турат. Ооздогу чоң эшиктин эки тарабына килейген аарынын келбеттерин жайгаштырып коюшуптур. Тим эле качырып келип баса калчудай заңкайып сүрдүү көрүнөт экен алары.

Мына ошол заңгыраган уяга Хахамбай акырын басып кирип келди. Сырттан коштоп келген эки кумурска үстүндөгү жөргөмүш чапанын алып, нары илгичке илгени чыгып кетишти. Ошондон көп деле өткөн жок. «Ии кандай гардаш?» деп Ардигон чыкты капталдан. Хахамбай «Оо, Ардигон аби, өзүң кандай. Жеңем жакшыбы?» деп кучакташып көрүшүп калды. Бирок, так ушул учурда нары жактан бирөөнүн көзүн байкап калды. Тигине Путиод карап турган турбайбы.

- Жок болбойт, - деп күбүрөнду Хахамбай.

- Ардигон менен кучакташпашым керек. Мындай учурда керек болсо Путиодду да кучактаганга болбойт.

Ошентип Хахамбай кайра башынан түшүп кыялдана баштады.

Мына кайра эле баягы заңгыраган уя. Баягыл эле килейген аарылар, баягыл эле күрүчтөн чегилген кумурскалар. Арттан эки жандооч кумурска келип жөргөмүш чапанын чечип алып кетмекчи болду. Бирок, бул жолу Шаша дароо чечип бере салган жок. Калп эле чече албамыш болуп, күйпөлөктөп турганча эки жакты карана баштады. Тигине Ардигон оң жакта турат. А наркы бетте Путиод отурат жалгызсырап. Хахамбай чапанын чече албамыш болуп Ардигонго далысын салды да, аны көрбөмүшкө салып Путиодду карай басты. Эч кайда бурулган жок. Түптүз эле шуулдап жөнөдү. Бирок, кашайып дагы жетпей калды. Арттан «хооп, кардаш! Гардаш тур лан» деп бирөө кыйкырып кирди. Эми укмаксанга салганга болмок эмес. Айла жок токтоп Ардигонду карай басты. Бирок, кучакташып көрүшпөй, сыпаа гана «Оо, аби, как ты. Как женешка?» деди. Бул сөзүн ал атайын Путиодго угузгусу келип катуу сүйлөдү. «Мына, мен муну менен учурашып атсам да, сенин тилиңде сүйлөшүп атам» деген маани бар болчу анда. Эми бул канчандан бери колдонулуп келаткан ыкма эмеспи. Бирок, Ардигон аныcына караган жок. Керилген кучагын жайып келип Хахамбай ийрейип калгыча бооруна кысып, бетинен өпкүлөп таштады. Ошондо да Шаша «Мына мен кучактаган жокмун. Мына, мына!» дегендей эки колун эки жакка сербеңдетип, далайга тыбырады. Бирок, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн байкаган Путиод Хахамбайдын так ушул аракетин байкабай калган окшойт. Эптеп Ардигондун кучагынан чыгып караса, нары карап басып кетиптир. Жүрөгү туз куйгандай ачышып кетти.

- Жок бул да болбойт, - деди Хахамбай дагы уйкудан чочугандай.

- Ардигонго такыр учурашпашым керек! Балакет болсо да биринчи Путиод, анан Ардигон. Путиод анан Ардигон...

Ошентип кайрадан элестете баштады. Мына, жанагы эле заңгыраган уя. Жанагы эле аарынын келбети, жанагы эле күрүчтөн жасалган кумурскалар.

- Таптым, - деп сүйүнүп кетти Шаша ушул жерден. – Таптым! Таптым – деп кудундады. Ушунчалык сүйүндү дейсиң артта турган Темр Сар да ордунан тура калып жанына чуркап келди.


- Эмнени таптыңыз я? Эмнени таптыңыз? 2010-жылы жоголгон капусталарды таптыңызбы? Же муфту-уяттын капустасын ким жегенин таптыңызбы? – деп чебелектеди ал.

- Жок. Күрүч кумурскаларды таптым. Күрүч кумурскаларды! - деп кубана кыйкырды Хахамбай.

Бирок, Темр Сар аны түшүнгөн жок. «Кайдагы күрүч кумурска?! Же эмне төө буурчакты айтып атабы?» деп башы катты анын.

***

Ошентип, күттүргөн күн да келип, Кумурзстандын уяханы ийнелигин минип Францияга учуп барды. Бул жолу баары мурун ойлогондой, ойдогудай кетип жатты. Мына, баягы заңгыраган уя. Баягы аарылар, баягы күрүчтөн жасалган кумурска эстеликтер. Хахамбай шашмалап баскан бойдон уяга кирип барды да, эч кимге карабай түз эле жанагы күрүч кумурскаларды көздөй жөнөдү. Ал тургай артынан чапанын чечебиз деп келген жандооч кумурскалар да жетишпей калды. Бул жолу ага Ардигон да, Путиод да учурашып токтоткон жок. Токтотмок тургай экөө тең жалдырап отуруп калды. Ал тургай башка уяхандар да сүйлөшүп аткан сөздөрүн токтотуп унчукпай калышты. Кыязы бул тиги жандооч кумурскалардан качып келатат деп ойлошту окшойт. А Шашага болсо баары бир эмеспи. Эң негизгиси Ардигондун кучагынан кутулса болду да. Баары өзү ойлогондой чыгып атканына кымындаган Шаша чуркаган бойдон барып бет мандайындагы күрүч кумурсканы бекем кучактап, эки бетинен чопулдата өпкүлөп кирди. Ошондо гана жетти арттагы чапан алгыч жандооч кумурскалар. Жете берип сыпаа бирок, бекемирээк кармап артка тартышты. Тигил экөөнөн тең оңой кутулганына кубанып турган Шаша болсо күрүч кумурскага ого бетер жабышып өпкүлөп жатты. Акыры тигил экөө катуулап тарта баштаганда гана кучагын бошотту. Бирок, ошондо да мойнун созуп барып мурдунан бир өөп алды. Анан артына бурулуп тигил экөөнө шашпай жөргөмүш чапанын чечип берди да, артында турган уяхандарды карады. Баятан жалдырап турган уяхандар болсо дароо эч нерсе көрбөгөн-билбеген болуп нары-нары бурулуп кетишти. Ал тургай Ардигон да, Путиод да нары кайрылып, отуруп калышты. Эч ким аны карай басып, эч ким аны менен учурашкысы келген жок. Бир гана Казталаанын уяханы, Азербуянын уяханы ага акырын көз кысып «эми таптың ука» дегендей ишарат кылышты. Жакшылап байкаса, алар дагы бирден күрүч эстеликтин жанында турушуптур. Ал тургай Азербуянын уяханы дагы эле тиги эстеликтин колун коё бере элек экен...

Профилдик трубаларды
жасайбыз жана сатабыз

Дүң жана чекене баада

ЖЧК "Темир - Про"

Тел.: 0553 77 33 58, 0703 255 044

Дареги: Бишкек ш., Фрунзе атындагы завод (Интергельпо көч.)

# Бишкекке «Toyota Land Cruiser 200» жеткирилди

Toyotaнын «Land Cruiser» соода белгисинин 65-жылдыгына арналган 200-модели "Бишкек Toyota Борборунда" гана сатылууда. Анткени ал борбор Кыргызстанда «Toyota» компаниясынын «Toyota Service Management» (TSM) тастыкнаамасын алган жалгыз ишкана. «Бизден алынган унаалар оңдоого муктаж эмес» деген техникалык директор Денис Стрелков суроолорубузга төмөнкүдөй жооп берди

**– Toyota Service Management тастыкнаамасы сиздерге кандай артыкчылыктарды берет?**

– Бул сертификат дүйнөлүк даражадагы тастыкнаама. Эки ооз сөз менен айта турган болсок, бул тастыкнаама биздин «Toyota-Центр Бишкек» ишканасынын кызматы бүткүл дүйнөлүк деңгээлде экенин далилдейт. Дагы кененирээк айтканда, Жапониядагы башкы «Toyota» ишканасынын кызматынын баарын толугу менен Бишкекте сунууга даяр экенибизди билдирип турат. Эми бул иштин механикалык тарабы. Ал эми дагы бир тарабынан болсо, аталган тастыкнаама биздин кызматкерлерибиздин кызмат кылуу маданияты да эл аралык деңгээлде экенинен кабар берет.

Биз азырынча Тойотанын Бишкектеги биринчи жана жалгыз борборубуз. Казакстанда биздикине окшогон 14 борбор бар. Бишкектеги борбор 9-болуп, кээ бир казактардын борборунан озуп өтүп TSM сертификатын алганына кубанычыбыз койнубузга батпай турган чагыбыз. Бул тастыкнааманы алыш үчүн 300 пункттан турган талаптарды аткарып чыгуу керектигин өзгөчө белгилеп айткым келет. Себеби унааларга кызмат көргөзгөн башка ишканалар майда-барат деп көңүл бурбаган нерселерди биз ишканабыздын адатына айлантканбыз. Мисал келтирсек, биз кардарыбыздын унаасын оңдоп бергенден бир нече убакыттан кийин, аны менен байланышып, машинасы кандай экенин сурайбыз. Убагында техникалык көзөмөл кылуу керек экенин, же майын алмаштырчу убак келгенин эстетебиз. Анткени азыркы унаалар – татаал механизм болгондуктан бардык тарабына өз убагында көңүл бурулса, кудум ошол мамилеңизди билгендей көңүлдүү жана узак мөөнөткө иштеп берет.

Буга кошумча тетиктер гана эмес, унааны коозгогон, аны жагымдуу кылган бардык нерселер сатылган дүкөнүбүз да бар. Кыскасы биз кардарыбыздын унаасын ал каалагандай кылып оңдоп, таптап бергенге даярбыз. Унаасын бизге тапшырганда кардарыбыз зеригип кетпеш үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Ал кардардык аймагыбызга өтүп кофе ичип, жагымдуу музыка угуп, интернет колдонуп, убактысын пайдалуу өткөрөт.

**– Сиздердин борбор башка унаа оңдоочу жайлардан эмнеси менен айырмаланат? Негизги өзгөчөлүгү эмнеде?**

– Биздин адистер «Тойота» компаниясында калыптанган өзгөчө программа менен даярдалат. Алар тастыкнаама алыш үчүн Европадагы сынак комиссиясынан интернет түз байланыш аркылуу кесипкөйлүгүн далилдешкен. Башкача айтканда, аларга тааныштыгы үчүн, же жакшы сүйлөгөнү үчүн эч ким жогорку баа бербейт. Ошондуктан бизден алынган сапаттуу тетикти башка жерден салган убакта да, ал болжогон мөөнөткө чейин сапаттуу иштеп берет деген кепилдик жок. Тетикти туура жана жакшы отургузуш керек. Муну башка оңдоочу жайдын баары эле жай жасай албайт.

**– Сиздер ушул жерден алынган унааларды гана оңдойсуздарбы?**

– Биз эч кимге жок дебейбиз. Биздин Toyota маркасындагы бардык унааларды оңдой беребиз. Болгону унаалар эски жана жаңы маркалар деп бөлүнөт. Албетте бизден алган унаага артыкчылык беребиз. Андан сырткары, дайыма бизге оңдоткондорго үчтөн беш жылга чейин, же 100 миң километрге чейин кепилдик берилет. Чынын айтканда биз бизден алынбаган, 10 жылдан ашык жүрүп койгон унааларды көп оңдойбуз. Себеби биз саткан машиналар оңдоого муктаж эмес. Биз алардын майын гана алмаштырабыз жана мезгилдик кызматын гана кылабыз.

**– Ушуга жараша силердеги баалар да бир топ кымбат болуш керек.**

– Албетте, биз фирмалык эмес оңдоочу жайлар менен баа боюнча атаандаша албайбыз. Бирок биздикиндей кызмат көрсөткөн станциялардын бааларынан кабардар болуп турабыз. Ошондуктан биздин баалар өзүбүздүн деңгээлдеги оңдоочу жайлардыкынан кымбат эмес. Адамдар таза, сапаттуу станцияны көрсө эле төөнүн кунун берчүдөй чочуп башташат. Бирок бизге келип унаасын бир жолу оңдоткондор башка жерге баргысы келбей калат. Алары бааларыбыз менен сапатыбыз биротоло арбап алат десем да болот.



**– Бүгүн сунулуп турган Toyota Land Cruiser 200 жөнүндө айтып бериңиз. Баасы желке куруштургандай эле болуш керек.**

– Land Cruiser соода белгисинин 65 жылдыгына арналган «Toyota Land Cruiser» 200дүн Кыргызстандагы баасы бүгүн бычылды. Анын негизги түрү 50 600 $, люкс түрү болсо 71 100$.

Бул машинанын тоо-таштуу карабай жүгүрүп берүүсү негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. Ал тик сайылган өрлөрдөн, жол жок талаалардан, чукул бурулуштардан сызган бойдон кете берет. Анча мынча тереңирээк сайларды да кечип кетет. Анын 4,6 литрлик V8 бензин менен иштеген кыймылдаткычы үнөмдүү болгону менен, мурункудай эле 309 аттын күчүн камтыйт. Кыймылдаткыч алты которуу мүмкүнчүлүгү бар автоматикалык коробка менен иштейт.

Майрамдык Land Cruiser лазердик радар жана камерелар менен жабдылган. Ал «Toyota Safety Sense» деп аталат. Бир нерсе менен кагылышуу маалында ал өзүн-өзү токтото алат. Каршы тараптын жолуна чыгып кетүүнүн алдын алат. Мындан сырткары айдоочу көрбөй турган зоналарды да көзөмөлдөп турат. Мындан сырткары ал жакынга жана алыска жарык берүүчү фараларын өзү которуп турат. Албетте мурунку Тойота унааларындай эле булгаары отургуч, телевизор, жыгач панел өңдүү коолдуктар менен жабдылган. «Toyota Land Cruiser» 200дүн жети жана беш орундук эки түрү бар.


**– Маегиңизге рахмат. Майрамыңыздар кут болсун! Иштериңизге ийгилик.**

GREEN CITY
eco hotels & resorts

Greencity
мейманканасы
Тынчтык пр, 16

бир орундуу бөлмөлөр
эки орундуу бөлмөлөр
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан
бизнес ланч

+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50



Green City мончосу
Исакеев көч., 2а

түрк хамамы
орус мончосу
туз камерасы
бассейн
балыктар менен пилинг
массаж
жаш балдар бөлмөсү
ж.б




www.greencity.kg